КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ТАЛАС МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ТалМУнун Окумуштуулар
Кеңешинде бекитилди
Протокол № 3
"26" октябрь 2021-ж.

БЕКИТЕМ
ТалМУнун ректору
А.Ш.Упенов
26 октябрь 2021-ж.

**ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ**

**Даярдоо багыты:** 550700 – Педагогика
**Профиль:** Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу
**Квалификация** (даражасы) - магистр

**Мөөнөтү:** **2 (2,5) жыл**
**Окутуунун формасы:** күндүзгү

ТАЛАС – 2021

**МАЗМУНУ**


**Колдонулган терминдер жана кыскартуулар________________________________4**

**1. Жалпы жоболор_____________________________________________________5**

**1.1 550700 Педагогика багытындагы “Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу” профилиндеги негизги билим берүү магистрдик программа_____________5**

**1.2 Педагогика багыты боюнча магистр даражадагы адистерди даярдоонун НББПсын иштеп чыгуудагы нормативдик документтер_______________5**

**1.3. 550700 Педагогика багытындагы “Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу” профили боюнча магистр даражасындагы адистерди даярдоонун жогорку кесиптик билим берүүнүн ( магистратура) (мындан ары ЖКББ) НББПнын жалпы мүнөздөмөсү__________________________________________________________6**

**1.4 550700 Педагогика багытындагы “Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу” профилиндеги жогорку кесиптик билим берүүнүн экинчи деңгээлинин академиялык деңгээлинде ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн окуу жүктөмү_____________________________________________________8**

**1.5. Абитуриенттердин билим деңгээлинин даярдыгына талаптар________________8**

**2. 550700 Педагогика багытында жогорку кесиптик билим берүүнүн экинчи деңгээлинин академиялык деңгээлинде (магистратурада) бүтүрүүчүнүн кесиптик мүнөздөмөсү__________________________________________________________9**

**2.1 Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү____________________________9**

**2.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери____________________9**

**2.3 Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү______________________9**

**3. 550000 Педагогика багытындагы 550700 “Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн усулу” профилинин НББП аяктаганда бүтүрүүчүнүн окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына ээ болуучу компетенциялары_______________________________11**

**3.1 НББП концепциясы_____________________________________________________11**

**3.2. Билим берүүнүн натыйжасы (бүтүрүүчүлөрдүн компетенциялары)___________11**

**4. 550700 Педагогика багытындагы “Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу” профилинин НББПсын ишке ашыруунун мазмуну жана окуу процессин уюштуруунун регламентөөчү документтери_________________________________17**

**4.1 Компетенттүүлүккө багытталган окуу жана жумушчу планы________________18**

**4.2 Жылдык календардык окуу графиги_______________________________________18**

**4.3. 550700 Педагогика багытындагы “Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу” профилинин адистиктерин даярдоодогу окутулуучу дисциплиналардын аннотациялары__________________________________________________________20**

**4.4. Башкаруучулук, илимий – практикалык, илимий – изилдөөчүлүк практикалардын программаларынын аннотациялары________________________55**

**4.5. Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу сынактарынын программасы (жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация________________________59**

**4.6 Бүтүрүүчүнүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы________________60**

**5. НББПсын окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздоо (Магистрлерди даярдоодогу НББП нын талаптары)________________________61**

**5.1 ЖКББнүн НББПсын ишке ашыруунун кадрдык камсыздалышы____________61**

**5.2 Окуу процессинин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышы __**64

**5.3 Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышы______________65**

**5.4 ЖКББнүн НББПсын өздөштүрүү сапатын баалоо системасынын нормативдик-методикалык камсыздалышы________________________65**

**5.5 Учурдагы аткарууну текшерүүнү жана орто аралык аттестациялоону жүргүзүү66**

**5.6 Учурдагы аткарууну текшерүүнү жана орто аралык аттестациялоону жүргүзүү66**

6. **Билим берүү программасын иштеп чыгуунун, бекитүүнүн, актуалдаштыруунун жаңы НББП иштелип чыгышы________________________67**
**6. 1 Билим берүү программасын бекитүү________________________67**

**6. 2. НББП ишке ашырууну токтотулушу________________________67**

**7. Билим берүү программасын башкаруу________________________68**
**7.1 НББП жетекчиси________________________68**

**7.2. Билим берүү программасын уюштуруучулук башкарууну ТалМУнун окуу бөлүмү ишке ашырат________________________69**

**7.3 Билим берүү программасын стратегиялык башкаруу____________________69**

**7.4 Билим берүү программасынын сапатын баалоо________________________69**

**7.5 Билим берүү программасынын сапатын баалоо________________________69**

**7.6. Сапаттуу билим берүү максаттары________________________71**

**8. Бүтүрүүчүлөргө зарылдылыгы________________________71**

**9. Билим берүү программасын тапшыруунун талаптар______________________71**

**10. Тиркемеле________________________73**

## Колдонулган терминдер жана кыскартуулар

Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасы жогорку кесиптик билим берүү жаатында белгиленген тартипте кабыл алган эл аралык документтерге ылайык терминдер жана аныктамалар пайдаланылат:

**негизги билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу - методикалык документтердин жыйындысы;

**даярдоонун багыты** - ар түрдүү профилдеги, фундаменталдуу даярдоонун жалпылыгы негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;

**профиль** - негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объекти;

**дисциплиналардын циклы** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу дисциплиналарынын жыйындысы;

**модуль** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу дисциплинасынын бөлүгү;

**компетенттүүлүк** - тийиштүү тармакта кесиптик иш жүргүзүү үчүн зарыл жекече сапаттардын, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн кыймылдуу комбинациясы; **бакалавр** - академиялык даража, ал 4 жылдан кем эмес окуу мөөнөтү менен билим берүүнүн тийиштүү негизги билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн адамдарга аттестациянын натыйжалары боюнча ыйгарылат жана ага ээ болгондорго белгилүү бир кесиптик иш жүргүзүүгө же тийиштүү багыт боюнча "магистр" академиялык даражасын алуу үчүн окуусун улантууга укук берет;

**магистр -** жогорку кесиптик билим берүүнүн экинчи деңгээлинин академиялык деңгээли, мектепке же докторантурага кабыл алууга укук берүүгө укугу бар (PhD же by профили), профессионалдык иш-аракеттерди, ошондой эле штатты жана Муниципалдык кызматтык орундарды ээлегенге мүмкүнчүлүк бар.

**кредит (зачеттук бирдик)** - негизги кесиптик билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;

**окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.

Кыскартуулар жана белгилөөлөр:

Негизги билим берүү программасында төмөндөгү кыскартуулар колдонулат.

МББС - Мамлекеттик билим берүү стандарты;

ЖКББ - жогорку кесиптик билим берүү;

НББП - негизги билим берүү программасы;

ОМБ - окуу-методикалык бирикме;

НББП ДЦ - негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын циклы;

ЖИК - жалпы илимий компетенциялар;

ИК - инструменталдык компетенциялар;

КК - кесиптик компетенциялар;

СИЖМК - социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар.

# I ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1 550700 Педагогика багытындагы “Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу” профилиндеги негизги билим берүү магистрдик программа

550700 Педагогика багытындагы “Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу” профилиндеги жогорку магистр даражадагы адистерди даярдоонун негизги билим берүү программасы (мындан ары НББП) жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына (ЖКББ МБС), Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү” Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү жаатындагы аныктаган тартиптеги башка ченемдик укуктук актыларына, Талас мамлекеттик университетинин педагогикалык практикаларды өткөрүү боюнча жобого, ТалМУнун Уставына ылайык иштелип чыкты жана ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинде бекитилген (2-тиркеме).

Магистратуранын билим берүү программасы - бул билим берүүнүн негизги мүнөздөмөлөрүнүн комплекси (көлөмү, мазмуну, пландаштырылган натыйжалары), уюштуруу - педагогикалык шарттар, аттестациянын формалары, ал программанын жалпы мүнөздөмөсү, окуу планы, календардык окуу графиги, дисциплиналардын иш программаларынын аннотациялары, практика программалары, баалоо каражаттары, методикалык материалдар түрүндө болот.

НББП окутуунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун, окуу процессин ишке ашыруунун технологияларын, шарттарын регламенттештирет жана адистерди даярдоонун сапатын баалоону аныктап, өз ичине: окуу планын, окуу курстарынын, предметтердин, дисциплиналардын жумушчу программаларын жана башкаруучулук, илимий – практикалык жана илимий – изилдөө практикалардын программаларын жана окуу-методикалык мазмундагы документтерин ичине камтыйт.

НББПсын усулдук камсыздоо үчүн окуу-методикалык комплексине ылайык төмөнкү документтер иштелип чыккан:

- Окуу планы;
- Окуу дисциплиналарынын жумушчу программалары, практиканын программалары жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын программалары;
- Календардык окуу графиктери.

НББП өздөштүрүүнүн ар бир этабында (учурдагы, аралык жана жыйынтык аттестациялоодо) жалпы маданий жана кесиптик компетенцияларын калыптандыруучу инновациялык баалоо каражаттары колдонулат.

550700 Педагогика багытындагы «Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу” профилинде магистр даражадагы адистерди даярдоонун НББПсы магистратура бөлүмүндө ишке ашырылат.

## 1.2. 550700 Педагогика багыты боюнча магистр даражадагы адистерди даярдоонун НББПсын иштеп чыгуудагы нормативдик документтер

НБППнын нормативдик укуктук базасын төмөнкүлөр түзөт:

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү” Мыйзамы (№92 30-апрель 2003-ж.);
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары : "Билим берүү жөнүндө" (10-июль, 1992-

жыл, 3266-1) жана "Жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү жөнүндө" (22-август, 1996-жыл, 125);

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2004-ж. 3-февралда бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнү уюштуруу жөнүндөгү № 53 жобосу;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2011-жылдын 23-августундагы Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн белгилөө жөнүндөгү № 496 токтому;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2015-ж. 15-сентябрдагы № 1179/1 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү стандарты (ГОС);
- Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин нормативдик-методикалык документтери;
- ТалМУнун Уставы (КР ББИМ буйругу 2131/1 23.12.2021бекитилген)
- 14 - жылдын 2008-февралындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген жогорку кесиптик билим берүү мекемеси (жогорку окуу жайы) жөнүндө типтүү жобо, б. а. 71 (мындан ары-ЖОЖ жөнүндө типтүү жобо);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому "Кыргыз Республикасынын Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө 346 29-май 2012-жыл.

### 1.3. 550700 Педагогика багытындагы "Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу" профили боюнча магистр даражасындагы адистерди даярдоонун жогорку кесиптик билим берүүнүн ( магистратура) (мындан ары ЖКББ) НББПнын жалпы мүнөздөмөсү

**Магистрдик программанын миссиясы:** заманбап эмгек рыногунда талап кылынган азыркы коомдун кесипкөй, компетенттүү жана атаандаштыкка жөндөмдүү, жалпы маданий, заманбап технологияларды, илимий ыкмаларды колдоно билген жана өз алдынча изилдөө илимий иштерин жүргүзүүгө алган адистерин даярдоо.

**ЖКББ НББПнын максаттары**

**1-максат**: тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө үзгүлтүксүз компетенттүүлүккө багытталган билим берүүнүн кесиптик компетенцияларды калыптандыруу жана билим берүү тармагындагы кесиптик ишмердүүлүктүн баалуулук негиздериндеги көндүмдөрдү өнүктүрүү, өз алдынча илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу жана магистрдик диссертацияны жазууга даярдоо.

**2-максат**: окутуу процедураларынын натыйжалуулугун жогорулатуучу заманбап техникалык, окутуунун инновациялык технологияларын окуу процессинде жана маалыматтык инструменттерди изилдөөдө, педагогикалык ишмердүүлүктө колдонууда креативдүү ой жүгүртүүнү өнүктүрүү.

**3-максат**: студенттердин инсандык сапаттарын өнүктүрүүдө нарктуу баалуулуктарды, атуулдук милдеттерди, нравалык жүрүм-турумдун нормаларын үзгүлтүксүз билим берүү

аркылуу жана өзүн-өзү тарбиялоонун алкагында өз кесибин өркүндөтүүгө умтулуусун уюштуруу.

**4-максат:** Бүтүрүүчүлөрдү билим берүү, социалдык жана илимий чөйрөдө өзүн-өзү өнүктүрүүгө, келечекте билим берүүнүн траекториясын ишке ашырууга, жогорку окуу жайларында кесиптик окутуучулук чеберчиликти калыптандырууга жана илимий-педагогикалык, тарбиялык-педагогикалык ишмердүүлүктү өз алдынча жүргүзүүгө шык-жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн калыптандыруу.

НББПнын күтүлүүчү натыйжалары азыркы коомдун кесипкөй, компетенттүү жана атаандаштыкка жөндөмдүү адистерин даярдоого негизделип, келечектеги башталгыч класстын мугалимдери ээ болуучу кесиптик компетенцияларга маани берилген. Окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын аныктоодо иш берүүчүлөр тарабынан эмгек рыногунун талаптары эске алынып, магистратура бөлүмүнүн профессордук –окутуучулар курамынын катышуусу менен иштелип чыккан.

**Окутуунун күтүлүүчү натыйжалары:**

**ОН-1** Курчап турган дүйнө жөнүндөгү илимий билимдердин бирдиктүү системасына ээ, заманбап концепцияларды жана дүйнө көрүнүшүн, көз караштар системасын, инсандын табияттагы жана коомдогу (социумдагы) ордун жана ролун түшүнөт жана педагогикалык ишмердүүлүгүндө колдоно алат.

**ОН-2** Жогорку окуу жайларда профилдик дисциплиналарды окутууга даяр, туруктуу өнүгүү принциптерин өзүнүн кесиптик чөйрөсүндө колдонууга жана билим алуучуларды окутуу жана туруктуу өнүгүүсү үчүн коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүүгө жөндөмдүү.

**ОН-3** Маалыматтын чоң көлөмү менен иштөө көндүмдөрүнө ээ, заманбап маалыматтык жана инновациялык технологияларды колдонууга жөндөмдүү, адистештирилген кесиптик ишмердүүлүктүн программалык камсыздоосун колдонууга жөндөмдүү.

**ОН-4** Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын анализдөөгө талдап, системалаштырууга жана жалпылоого, заманбап билим берүү системасын өнүктүрүүнүн актуалдуу көйгөйлөрүн бөлүп көрсөтүүгө жөндөмдүү.

**ОН-5** Билимди жана комплекстүү практиканы айкалыштырууга, билим берүү уюмдарында (орто жана жогорку окуу жайларда) окуучулардын индивидуалдык, жаш курагын жана маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен усулдарды ыңгайлаштырууга жана аларды окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жекече билим берүү траекториясын түзүүгө жөндөмдүү.

**ОН-6** Жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарды өнүктүрүүгө багытталган демилгелерди алдыга жылдырууга жана өнүктүрүүгө, социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылууга, дүйнө тааным, социалдык жана жеке маанилүү көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмдүү.

**ОН-7** Окуу процессин уюштуруунун жана ишке ашыруунун заманбап ыкмаларын жана технологияларын билим берүү уюмдарынын ар кандай билим берүү деңгээлдеринде колдонууга жөндөмдүү жана изилдөөчүлүк маселелердин оригиналдуу чыгырылыштарын табуу үчүн жекече креативдүү жөндөмдүүлүктөрүн колдонууга даяр.

**ОН-8** Сергек жашоо образынын, жаратылышты коргоонун ченемдерин социумда трансляциялоого, туруктуу өнүгүү үчүн ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууга жөндөмдүү.

**ОН-9** Башкарылуучу тутум чөйрөсүнүн жеткиликтүү мүмкүнчүлүктөрүн колдонууга, өнүгүү жолдорун иштеп чыгууга жана сапаттуу башкарууну камсыз кылууга заманбап технологияларды колдонууга даяр.

**ОН-10** Изилдөөнүн жетишкендиктерин кесиптик коомчулуктун стандарттарына жана форматтарына ылайык илимий макалалар, баяндамалар, мультимедиялык презентациялар түрүндө илимий коомчулукка жеткирүүгө жөндөмдүү.
**ОН-11** Дисциплиналардын жаңы мазмунун, окутуунун технологияларын жана туруктуу өнүгүү парадигмасына негизинделген окутуунун конкреттүү методикасын долбоорлого даяр.

**ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү**

550700 Педагогика багытында магистратура баскычында ЖКББ НББПсын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү:

- күндүзгү окуу формасы үчүн 2, (2,5) жыл;
- сырттан (дистанттык) окуу формасы үчүн 3, (3,5) жыл.

## 1.4 550700 Педагогика багытындагы "Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу" профилиндеги жогорку кесиптик билим берүүнүн экинчи деңгээлинин академиялык деңгээлинде ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн окуу жүктөмү

НББП өздөштүрүүнүн көлөмү окуу мөөнөтүнүн бардык мезгили ичинде ЖКББ Мамлекеттик стандарты боюнча 120 (150) кредитти түзөт, окуу жылында эмгек сыйымдуулугу 60 тан кем эмес кредит, ар бир окуу семестринде 30 дан кем эмес кредитти түзөт, ал өз ичине бардык аудиториялык сааттарды, студенттин өз алдынча иштерин, практиканы жана НББП өздөштүрүүсүн текшерүүгө берилген убакытты камтыйт.

**№1-таблица. НББП өздөштүрүү көлөмү, мөөнөтү жана квалификациясы**

| **НББП аталышы** | **Квалификация** | | **НББПны өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү** | **Эмгек көлөмү (кредит саат)** |
|---|---|---|---|---|
| | Квалификациянын коду | аталышы | | |
| НББП магистратура | 550700 | магистр | күндүзгү 2, (2,5) жыл, сырттан 3, (3,5) жыл | 120, (150) 180, (210) |

## 1.5. Абитуриенттердин билим деңгээлинин даярдыгына талаптар

Магистратурада окуу укугуна жогорку билим берүүнүн негизги билим берүү программаларынын бири боюнча окууну ийгиликтүү аяктаган жана жогорку билими (бакалавр, адистик) жөнүндө диплому бар адамдар ээ. Тиешелүү даярдоо профили боюнча бакалавр, адистик квалификациясына жана магистратурага өтүү үчүн мамлекеттик аттестациялык комиссиянын сунуштамаларына ээ болгон адамдар аңгемелешүүнүн негизинде конкурстан тышкары тиешелүү даярдоо профилине кабыл алынат.

Тиешелүү даярдоо профили эмес боюнча бакалавр, адистикти бүткөндөр тиешелүү профили боюнча экзамен тапшырышат жана алар үчүн бакалаврларды жана адистерди даярдоонун тиешелүү багыттары боюнча магистрлердин базалык кесиптик билимин жана компетенциясын түзүүчү теңдөөчү курстардын өтүүсү каралат. Билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөтү ЖКББ НББПнын тиешелүү профиль боюнча магистрлерди даярдоо базалык кесиптик билимин жана компетенциясын түзүүчү теңдөөчү курстарды өздөштүрүүнүн эсебинен жарым жылга узартылат (3 –тиркеме).

Психологиялык абалы, ден-соолугу билим алууга мүмкүндүк берген абитуриенттер кабыл алынат. Адистикти өз каалоосу менен тандоосу, тандаган адистиги жөнүндө түшүнүгү, максаттуу аракети болуусу шарт.

## 2. 550700 Педагогика багытында жогорку кесиптик билим берүүнүн экинчи деңгээлинин академиялык деңгээлинде (магистратурада) бүтүрүүчүнүн кесиптик мүнөздөмөсү

550700 Педагогика багытындагы "Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу" профили боюнча магистрдин кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү ЖКББ Мамлекеттик стандартында белгиленген. Тандап алган багыты жана адистиги боюнча кесиптик билим берүү программасы боюнча жеке планды толугу менен аткарган магистранттарга багыты, профили көрсөтүлгөн **<<Магистр>>** академиялык даражасы ыйгарылат жана мамлекеттик үлгүдөгү магистр диплому тиркемеси менен берилет.

### 2.1 Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү

550700. Педагогика багыты боюнча (магистр) бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүнө төмөнкүлөр кирет:

- республиканын жалпы билим берүү мекемелери (мектептер, гимназиялар, лицейлер), башталгыч жана орто кесиптик билим берүү, кошумча кесиптик билим берүү; жогорку окуу жайлар;
- илим изилдөө борборлору;
- коомдук уюмдар.

Окууну ийгиликтүү аяктаган бүтүрүүчүлөр аспирантура жана докторантурада билимдерин өркүндөтүшүп, диссертацияларын жактоо менен даражага ээ болушат.

### 2.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери

550700 Педагогика багытында "Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн усулу" профилинде магистр академиялык даражасына ээ болгон бүтүрүүчүлөрдүн ишмердүүлүгүнүн объектилери - билим берүү системасы, коомдук уюмдар, мамлекеттик структуралар, илим изилдөө мекемелери.

### 2.3 Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү

550700 Педагогика багыты боюнча магистр төмөндөгүдөй кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрүнө даяр болот:

- педагогикалык;
- илимий - изилдөөчүүлүк;
- долбоорлук;
- башкаруучулук;
- методикалык;
- маданий-агартуучулук.

Магистратура программасын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда билим берүү мекеме эмгек рыногунун керектөөлөрүнө, мекеменин илимий-изилдөө жана материалдык-

техникалык ресурстарына жараша магистрлер даярдалып жаткан кесиптик иштин конкреттүү түрлөрүнө багыт алат.

### Магистрдин кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери:

**550700** Педагогика багытындагы “Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу” профили боюнча магистр даражадагы адис өзүнүн кесиптик милдеттерине ылайык төмөндөгүдөй маселелерди чечүүгө тийиш:

**Педагогикалык ишмердүүлүгү:**

- өздөштүрүлүп жаткан билим берүү программасынын деңгээлине жараша билим алуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн, муктаждыктарын жана жетишкендиктерин изилдөө;
- предметтик тармактын өзгөчөлүгүн чагылдырган жана билим алуучулардын жаш курагына жана психофизикалык өзгөчөлүктөрүнө, анын ичинде алардын өзгөчө билим берүү муктаждыктарына ылайык келген технологияларды колдонуу менен билим берүү чөйрөсүндө окутуу жана тарбиялоо процессин уюштуруу;
- кесиптештер, ата-энелер, социалдык өнөктөштөр, анын ичинде чет өлкөлүк өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүнү уюштуруу;
- кесиптик өз алдынча билим алууну жана жеке өсүүнү жүзөгө ашыруу; илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүү;
- конкреттүү илимий - изилдөө маселелерин чечүүдө изилдөө методдорунун комплексин колдонуу жолу менен илим жана билим берүү чөйрөсүндөгү илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын талдоо, системалаштыруу жана жалпылоо;
- заманбап илимий методдорду жана технологияларды колдонуу менен илим жана билим берүү чөйрөсүндө илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын жүргүзүү жана талдоо;

**Долбоордук ишмердүүлүк:**

- билим берүү программаларын жана билим алуучулардын жекече билим берүү траекториясын долбоорлоо;
- окуу дисциплиналарынын (модулдарынын), көзөмөлдөө формалары менен методдорунун жана контролдук - өлчөө материалдарынын мазмунун долбоорлоо;
- билим берүү процессинин сапатын камсыз кылган билим берүү чөйрөлөрүн, андан ары билим берүү траекториясын жана кесиптик карьерасын долбоорлоо.

**Методикалык ишмердүүлүк:**

- педагогдордун кесиптик жана билим берүү муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө, талдоо жана алынган жыйынтыктардын негизинде жекече методикалык коштоо траекториясын долбоорлоо;
- педагогдордун методикалык коштоосунун натыйжаларын изилдөө, уюштуруу жана ишке ашырууну баалоо.

**Башкаруучулук ишмердүүлүк:**

- стратегиялык жана ыкчам талдоо методдорунун комплексин колдонуу менен башкарылуучу системанын жана анын макро жана микро чөйрөсүнүн абалын жана потенциалын изилдөө;
- изилдөө, уюштуруу жана башкаруу системасын өнүктүрүүнүн жалпы жана белгилүү бир мыйзам ченемдүүлүктөрү менен шайкеш башкаруу технологияларын колдонуу менен башкаруу жараянынын натыйжаларын ишке ашырууну баалоо;

- башкаруунун сапатын камсыз кылуу үчүн курчап турган чөйрөнүн колдо болгон мүмкүнчүлүктөрүн пайдалану, аны байытуу жана өнүктүрүү жолдорун долбоорлоо.

**Маданий - агартуучулук ишмердүүлүк:**

- билим алуучулардын маданий муктаждыктарын изилдөө жана калыптандыруу;
- калктын ар кандай топторунун маданий - билим деңгээлин жогорулатуу, агартуу иштеринин стратегиясын иштеп чыгуу;
- аймактык жана демографиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен ар кандай социалдык топтордун муктаждыктарына багытталган комплекстүү билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

## 3. 550000 Педагогика багытындагы 550700 “Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн усулу” профилинин НББП аяктаганда бүтүрүүчүнүн окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына ээ болуучу компетенциялары

### 3.1 НББП концепциясы

НББПнын концептуалдык өзөгүн билим берүүнүн күтүлгөн натыйжаларына компетенттүүлүк мамилени түзөт. Акцентти предметтик - дисциплинардык жана мазмундук акцентти (өзүнүн артыкчылыктарын жана маанилүүлүгүн сактоо менен) билим берүү процессинин күтүлүүчү натыйжаларына компетенттүүлүк форматында которуу жогорку билим берүүнү өнүктүрүүдөгү дүйнөлүк тенденциялардын маанилүү чагылышы катары анын студентке багытталган багытын олуттуу күчөтүүнүн көрүнүшү болуп саналат.

Билим берүүнүн компетенциялары жана натыйжалары ЖКББ МББСнын ишке ашыруудагы негизги максаттуу багыттар, бүтүрүүчүнүн "моделинин" интеграциялоочу башталышы катары каралат. Бүтүрүүчүнүн компетенттүүлүк моделинин өзү, бир жагынан, анын келечектеги ишмердүүлүгүн эмгек предметтери жана объектилери менен байланыштырган квалификацияны камтыйт, экинчи жагынан, билим берүүнүн натыйжасына дисциплиналар аралык талаптарды чагылдырат.

### 3.2 Билим берүүнүн натыйжасы (бүтүрүүчүлөрдүн компетенциялары)

НББП өздөштүрүүнүн натыйжалары бүтүрүүчү ээ болгон компетенциялар, б.а. анын билимин, жөндөмүн, тажрыйбасын жана жеке сапаттарын кесиптик иштин милдеттерине ылайык колдонуу жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. Бүтүрүүчүнүн милдеттүү жалпы маданий, кесиптик жана башка компетенцияларынын толук курамы (алардын ар биринин кыскача мүнөздөмөсү менен) НББП өздөштүрүү аяктагандан кийин билим берүүнүн жалпы күтүлүүчү натыйжасы катары документ формасында берилген, анын түзүмү 4-тиркемеде берилген.

**Жалпы илимий компетенциялар**

**ЖИК-1** - айланадагы дүйнө тууралуу илимий билимдердин бирдиктүү системасына ээ, заманбап концепцияларды жана дүйнө көрүнүшүн, көз караштар системасын, инсандын табияттагы жана коомдогу (социумдагы) ордун жана ролун түшүнөт, аларды чогултуп, дисциплиналар арасында колдонуу, интеграциялоо мүмкүнчүлүгү бар, кесиптик маселелерди чече алат.

**ЖИК-2** - автономдуу жана өз демилгеси боюнча жаңы билимдерди өздөштүрүүгө жана көндүмдөргө ээ болууга жөндөмдүү;

**ЖИК - 3** – жаңы усулдарды жана техниканын изилдөөлөрүн колдонуу менен илимий

изидөөлөрдү топ менен же өз алдынча жүргүзүүгө жөндөмдүү;
**ЖИК - 4** – илимдеги, техникадагы жана технологиялардагы, профессионалдык чөйрөдөгү маданият, социалдык - экономикалык кубулуштарды эске алуу менен жаңы идеяларды иштеп чыгууга жана өнүктүрүүгө жөндөмдүү;
**ЖИК - 5** – өз кесиптик чөйрөсүндөгү ишмердүүлүккө эксперттик баалоону жүргүзүүгө жөндөмдүү.

**Инструменталдык компетенциялар (ИК*):***

**ИК-1** – илимий изилдөөлөрдү мамлекеттик жана расмий тилде так, негиздүү жана логикалык жактан туура түзүүгө, жазуу жана оозеки сүйлөө көндөмүнө жөндөмдүү;
**ИК-2** – коммуникативдик маселелерди байланыштын бардык чөйрөлөрүндө (анын ичинде маданият аралык, дисциплиналар аралык) коюуга жана чечүүгө жөндөмдүү;
**ИК-3** − маалыматтын чоң көлөмү менен иштөө көндүмдөрүнө ээ, заманбап маалыматтык жана инновациялык технологияларды колдонууга жөндөмдүү, адистештирилген кесиптик ишмердүүлүктүн программалык камсыздоосун колдонууга жөндөмдүү;
**ИК**-4 – уюштуруу жана башкаруу чечимдерин кабыл алууга жана алардын кесепеттерин баалоого, аныкталбаган чөйрөнүн тобокелдиктерин эске алуу менен комплекстүү иштин пландарын иштеп чыгууга даяр

**Социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар (СИЖМК**):

**СИЖМК-1** - кесиптик жана социалдык ишмердүүлүктөрдөгү көйгөйлөрдү чечүү үчүн социалдык жана маданий айырмачылыктарын колдонуу;
**СИЖМК-2** − жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарды өнүктүрүүгө багытталган демилгелерди алдыга жылдырууга жана өнүктүрүүгө, социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылууга, дүйнө тааным, социалдык жана жеке маанилүү көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмдүү;
**СИЖМК-3** − сергек жашоо образынын, жаратылышты коргоонун ченемдерин социумда трансляциялоого, туруктуу өнүгүү үчүн ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууга жөндөмдүү.

**Кесиптик компетенциялар (КК):**

**а) Педагогикалык ишмердүүлүктө:**

**КК-1** – билим берүү чөйрөсүнүн жаңы шарттарын долбоорлоодо идеяларды, инновацияларды, анын ичинен билим берүүнүн сапатын камсыз кылуучу маалыматтарды сунуштайт;
**КК-2 –** окуу процессин уюштуруунун жана ишке ашыруунун заманбап ыкмаларын жана технологияларын билим берүү уюмдарынын ар кандай билим берүү деңгээлдеринде колдонууга жөндөмдүү;
**КК3 -** жогорку окуу жайларда профилдик дисциплиналарды окутууга даяр, туруктуу өнүгүү принциптерин өзүнүн кесиптик чөйрөсүндө колдонууга жана билим алуучуларды окутуу жана туруктуу өнүгүүсү үчүн коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүүгө жөндөмдүү;
**КК-4** – билимди жана комплекстүү практиканы айкалыштырууга, билим берүү уюмдарында (орто жана жогорку окуу жайларда) билим окуучулардын индивидуалдык, жаш курагын жана маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен усулдарды ыңгайлаштырууга жана аларды окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жекече билим берүү траекториясын түзүүгө жөндөмдүү;
**КК-5** – билим алуучулардын илимий-изилдөө иштерин башкара билүүгө жөндөмдүү;
**КК-6** – кесиптик жана жеке өз алдынча билим алууну жүзөгө ашырууга, андан аркы билим

берүү траекториясын жана кесиптик карьерасын түзүүгө жөндөмдүү;

**КК-7** – көп маданияттуу чөйрөдө аракеттенүүгө жана көп маданияттуу билим берүүнүн жана тарбиялоонун принциптерин жана усулдарын ишке ашырууга, жаштарына, маданияттарына, жерлерине карабастан ар кандай топтор (кесиптештер, ата-энелер, өнөктөштөр ж.б.) менен өз ара аракеттенүүгө, коюлган маселелерди чечүүдө коммутативдик технологияларды жана массалык маалымат каражаттарды колдонууга даяр.

**б) Илимий – ишмердүүлүктө:**

**КК-8** – изилдөө маселелерин чечүү үчүн илимий ыкмаларды, анын ичинде маалыматтык жана инновациялык технологияларды колдонууга даяр;

**КК-9** – илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын анализдөөгө талдап, системалаштырууга жана жалпылоого, заманбап билим берүү системасын өнүктүрүүнүн актуалдуу көйгөйлөрүн бөлүп көрсөтүүгө жөндөмдүү;

**КК-10** – изилдөөчүлүк маселелердин оригиналдуу чыгырылыштарын табуу үчүн жекече креативдүү жөндөмдүүлүктөрүн колдонууга даяр;

**КК-11** - илимдин заманбап методдорун колдонуу менен илимий изилдөөлөрдү өз алдынча жүргүзүүгө даяр;

**КК-12** - изилдөөнүн натыйжаларынын анализдерин жана кесиптик ишмердүүлүктүн, методикалык сунуштардын, материалдардын экспертизаларын интегралдоого жөндөмдүү;

**КК-13** - изилдөөнүн жетишкендиктерин кесиптик коомчулуктун стандарттарына жана форматтарына ылайык илимий макалалар, баяндамалар, мультимедиялык презентациялар түрүндө илимий коомчулукка жеткирүүгө жөндөмдүү;

**в) Башкаруучулук ишмердүүлүктө:**

**КК-14** - билим берүү чөйрөсүнүн экспертизасын жүргүзүүгө жана абалын изилдөөгө, билим берүү уюмунун өнүктүрүү үчүн административдик ресурстарды аныктоого даяр;

**КК-15** - башкаруу процессинин ишке ашырылышын изилдөөгө жана баалоого даяр, туруктуу өнүгүүнүн парадигмасына негизделген башкаруу чечимдерин тез иштеп чыгууга жөндөмдүү;

**КК-16** - жалпы жана ылайык келген башкарылуучу системанын өнүктүрүүнүн атайын мыйзам ченемдүүлүктөрүнө туура келген менеджменттин инновациялык технологияларын колдонууга даяр;

**КК-17** - ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаларга негизделген билим берүү уюмун башкаруудагы жеке жана топтук чечимдерди кабыл алуу технологияларын колдонууга даяр;

**КК-18** - билим берүү уюмунун адистеринин кесиптер аралык өз ара аракеттенүүсүн уюштурууга жана башкаруу маселелерин чечүүдө билим берүү уюмунун потенциалдуу өнөктөштөрүнүн чөйрөсүн аныктоого жөндөмдүү;

**КК-19** - башкарылуучу тутум чөйрөсүнүн жеткиликтүү мүмкүнчүлүктөрүн колдонууга, өнүгүү жолдорун иштеп чыгууга жана сапаттуу башкарууну камсыз кылууга заманбап технологияларды колдонууга даяр.

**г) Долбоордук ишмердүүлүктө:**

**КК-20** - билим берүү чөйрөсүндөгү педагогикалык долбоорлорду, билим берүү процессинин сапатын камсыз кылган билим берүү программаларын жана жеке билим берүү траекторияларын ишке ашырууга даяр;

**КК-21** - колдонмо же илимий долбоорлорду өз алдынча изилдөөгө, пландаштырууга, ишке ашырууга жана адаптациялоого жөндөмдүү;

**КК-22 -** билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө формаларын жана ыкмаларын, ошондой эле маалыматтык технологиялардын негизинде көзөмөлдүк-өлчөө материалдарынын ар кандай түрлөрүн долбоорлого жөндөмдүү;

**КК-23 -** дисциплиналардын жаңы мазмунун, окутуунун технологияларын жана туруктуу өнүгүү парадигмасына негизинделген окутуунун конкреттүү методикасын долбоорлого даяр (5 – тиркеме).

НББП максаттарына жана окутуунун натыйжаларына өз ара дал келүү төмөндөгү таблицада берилген.

**Окутуунун максаттары менен окутуунун натыйжаларынын дал келүүчүлүк матрицасы:**

| **Окутуунун күтүлүүчү натыйжалары** | **1-максат** | **2-максат** | **3-максат** | **4-максат** |
|---|---|---|---|---|
| **ОН-1** | + | + | | + |
| **ОН-2** | + | + | | + |
| **ОН-3** | + | + | | + |
| **ОН-4** | + | + | | + |
| **ОН-5** | + | + | | + |
| **ОН-6** | + | | + | + |
| **ОН-** | + | | + | + |
| **ОН-8** | + | | + | + |
| **ОН-9** | + | | | + |
| **ОН-10** | + | + | + | + |
| **ОН-11** | + | | | + |

**Окутуунун натыйжалары менен компетенциялардын дал келүүчүлүк таблицасы**

**Универсалдык – Жалпы илимий (ЖИК)**

| **Оку-нун натыры** | **Калыптандырылуучу компетенциялар** | **ЖКББ стандартына туура келет** |
|---|---|---|
| ОН-1 | **а**йланадагы дүйнө тууралуу илимий билимдердин бирдиктүү системасына ээ, заманбап концепцияларды жана дүйнө көрүнүшүн, көз караштар системасын, инсандын табияттагы жана коомдогу (социумдагы) ордун жана ролун түшүнөт, аларды чогултуп, дисциплиналар арасында колдонуу, интеграциялоо мүмкүнчүлүгү бар, кесиптик маселелерди чече алат | ЖИК-1 |
| ОН-2 | автономдуу жана өз демилгеси боюнча жаңы билимдерди өздөштүрүүгө жана көндүмдөргө ээ болууга жөндөмдүү | ЖИК-2 |
| ОН-5 | жаңы усулдарды жана техниканын изилдөөлөрүн колдонуу менен илимий изидөөлөрдү топ менен же өз алдынча жүргүүзүгө жөндөмдүү | ЖИК-3 |
| ОН-2 | илимдеги, техникадагы жана технологиялардагы, | ЖИК-4 |

| | | |
|---|---|---|
| | профессионалдык чөйрөдөгү маданият, социалдык - экономикалык кубулуштарды эске алуу менен жаңы идеяларды иштеп чыгууга жана өнүктүрүүгө жөндөмдүү | |
| ОН-4 | өз кесиптик чөйрөсүндөгү ишмердүүлүккө эксперттик баалоону жүргүзүүгө жөндөмдүү | ЖИК-5 |
| ОН-11 | такай билим берүүгө жана өнүгүүгө даяр | ЖИК-6 |

**Инструменталдык менен (ИК)**

| | | |
|---|---|---|
| ОН-4 | Маалыматтын чоң көлөмү менен иштөө көндүмдөрүнө ээ, заманбап маалыматтык жана инновациялык технологияларды колдонууга жөндөмдүү, адистештирилген кесиптик ишмердүүлүктүн программалык камсыздоосун колдонууга жөндөмдүү | ИК-3 |
| ОН-1 | Илимий изилдөөлөрдү мамлекеттик жана расмий тилде так, негиздүү жана логикалык жактан туура түзүүгө, жазуу жана оозеки сүйлөө көндөмүнө жөндөмдүү | ИК-1 |

**Социалдык – инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК);**

| | | |
|---|---|---|
| ОН-9<br>ОН-6 | кесиптик жана социалдык ишмердүүлүктөрдөгү көйгөйлөрдү чечүү үчүн социалдык жана маданий айырмачылыктарын колдонуу | СИЖМК-1 |
| ОН-9<br>ОН-6<br>ОН-3 | жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарды өнүктүрүүгө багытталган демилгелерди алдыга жылдырууга жана өнүктүрүүгө, социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылууга, дүйнө тааным, социалдык жана жеке маанилүү көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмдүү | СИЖМК-2 |
| ОН-8<br>ОН-11 | сергек жашоо образынын, жаратылышты коргоонун ченемдерин социумда трансляциялоого, туруктуу өнүгүү үчүн ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууга жөндөмдүү | СИЖМК-3 |

**Кесиптик компетенция (КК)**

| | | |
|---|---|---|
| ОН-11 | жогорку окуу жайларда профилдик дисциплиналарды окутууга даяр, туруктуу өнүгүү принциптерин өзүнүн кесиптик чөйрөсүндө колдонууга жана билим алуучуларды окутуу жана туруктуу өнүгүүсү үчүн коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүүгө жөндөмдүү | КК-3 |
| ОН-2<br>ОН-10 | билим берүү чөйрөсүнүн жаңы шарттарын долбоорлоодо идеяларды, инновацияларды, анын ичинен билим берүүнүн сапатын камсыз кылуучу маалыматтарды сунуштайт | КК-1 |
| ОН-7 | билимди жана комплекстүү практиканы айкалыштырууга, билим берүү уюмдарында (орто жана жогорку окуу жайларда) билим окуучулардын индивидуалдык, жаш курагын жана маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен усулдарды ыңгайлаштырууга жана аларды окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жекече билим берүү траекториясын түзүүгө жөндөмдүү | КК-4 |
| ОН-11<br>ОН-2 | кесиптик жана жеке өз алдынча билим алууну жүзөгө ашырууга, андан аркы билим берүү траекториясын жана кесиптик карьерасын түзүүгө жөндөмдүү | КК-6 |

| | | |
|---|---|---|
| ОН-3<br>ОН-8 | окуу процессин уюштуруунун жана ишке ашыруунун заманбап ыкмаларын жана технологияларын билим берүү уюмдарынын ар кандай билим берүү деңгээлдеринде колдонууга жөндөмдүү | КК-2 |
| ОН-4<br>ОН-2 | көп маданияттуу чөйрөдө аракеттенүүгө жана көп маданияттуу билим берүүнүн жана тарбиялоонун принциптерин жана усулдарын ишке ашырууга, жаштарына, маданияттарына, жерлерине карабастан ар кандай топтор (кесиптештер, ата-энелер, өнөктөштөр ж.б.) менен өз ара аракеттенүүгө, коюлган маселелерди чечүүдө коммутативдик технологияларды жана массалык маалымат каражаттарды колдонууга даяр | КК-7 |
| ОН-10 | илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын анализдөөгө талдап, системалаштырууга жана жалпылоого, заманбап билим берүү системасын өнүктүрүүнүн актуалдуу көйгөйлөрүн бөлүп көрсөтүүгө жөндөмдүү | КК-09 |
| ОН-10 | изилдөөнүн натыйжаларынын анализдерин жана кесиптик ишмердүүлүктүн, методикалык сунуштардын, материалдардын экспертизаларын интегралдоого жөндөмдүү | КК-12 |
| ОН-7 | башкарылуучу тутум чөйрөсүнүн жеткиликтүү мүмкүнчүлүктөрүн колдонууга, өнүгүү жолдорун иштеп чыгууга жана сапаттуу башкарууну камсыз кылууга заманбап технологияларды колдонууга даяр | КК-19 |
| ОН-5 | билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө формаларын жана ыкмаларын, ошондой эле маалыматтык технологиялардын негизинде көзөмөлдүк-өлчөө материалдарынын ар кандай түрлөрүн долбоорлого жөндөмдүү | КК-22 |
| ОН-6<br>ОН-3<br>ОН-7 | жалпы жана ылайык келген башкарылуучу системанын өнүктүрүүнүн атайын мыйзам ченемдүүлүктөрүнө туура келген менеджменттин инновациялык технологияларын колдонууга даяр | КК-16 |
| ОН-4 | илимдин заманбап методдорун колдонуу менен илимий изилдөөлөрдү өз алдынча жүргүзүүгө даяр | КК-11 |
| ОН-3 | изилдөө маселелерин чечүү үчүн илимий ыкмаларды, анын ичинде маалыматтык жана инновациялык технологияларды колдонууга даяр | КК-8 |
| ОН-4 | изилдөөчүлүк маселелердин оригиналдуу чыгырылыштарын табуу үчүн жекече креативдүү жөндөмдүүлүктөрүн колдонууга даяр | КК-10 |
| ОН-7 | изилдөөнүн жетишкендиктерин кесиптик коомчулуктун стандарттарына жана форматтарына ылайык илимий макалалар, баяндамалар, мультимедиялык презентациялар түрүндө илимий коомчулукка жеткирүүгө жөндөмдүү | КК-13 |
| ОН-3<br>ОН-2 | билим берүү уюмунун адистеринин кесиптер аралык өз ара аракеттенүүсүн уюштурууга жана башкаруу маселелерин чечүүдө билим берүү уюмунун потенциалдуу өнөктөштөрүнүн чөйрөсүн аныктоого жөндөмдүү | КК-18 |

| | | |
|---|---|---|
| ОН-9<br>ОН-3 | ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар менен интеграциялоого башталгыч мектептеги инклюзивдик билим берүүгө көңүл буруу | КК-7 |
| ОН-7<br>ОН-11 | изилдөө маселелерин чечүү үчүн илимий ыкмаларды, анын ичинде маалыматтык жана инновациялык технологияларды колдонууга даяр | КК-8 |
| ОН-9<br>ОН-11 | дисциплиналардын жаңы мазмунун, окутуунун технологияларын жана туруктуу өнүгүү парадигмасына негизинделген окутуунун конкреттүү методикасын долбоорлого даяр | КК-23 |
| ОН-6<br>ОН-8 | башкаруу процессинин ишке ашырылышын изилдөөгө жана баалоого даяр, туруктуу өнүгүүнүн парадигмасына негизделген башкаруу чечимдерин тез иштеп чыгууга жөндөмдүү | КК-15 |
| ОН-6<br>ОН-8<br>ОН-9 | жана билим берүү чөйрөсүнүн экспертизасын жүргүзүүгө жана абалын изилдөөгө, аныктайт билим берүү уюмунун өнүктүрүү үчүн административдик ресурстарды аныктоого даяр | КК-14 |

## 4. 550700 Педагогика багытындагы “Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу” профилинин НББПсын ишке ашыруунун мазмуну жана окуу процессин уюштуруунун регламентөөчү документтери

Окуу жана педагогикалык практикаларды өткөрүү тиешелүү жоболор жана методикалык иштеп чыгуулар менен жөнгө салынат. Мындан тышкары, окуу процессинин мазмуну жана уюштурулушу жылдык календардык окуу графиги (6-тиркеме), ошондой эле студенттин өз алдынча ишин, тиешелүү билим берүү технологияларын ишке ашырууну кошо алганда, ар кандай түрдөгү окуу сабактарын ишке ашырууну камсыз кылуучу методикалык колдонмолор менен регламенттелет.

550700 Педагогика багытынын “Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу” профили боюнча даярдык магистратуранын ЖКББнын МББСна ылайык НББП нын ишке ашырылышы:

- магистратуранын окуу планы менен;
- окуу дисциплиналардын жумушчу программалары менен;
- билим алуучуларды даярдоонун жана тарбиялоонун сапатын камсыз кылуучу материалдары менен;
- башкаруучулук, илимий - педагогикалык жана илимий-изилдөө практикаларынын программалары менен;
- жылдык календардык окуу графиги менен;
- тиешелүү билим берүү технологияларын ишке ашырууну камсыз кылуучу методикалык материалдар менен жөнгө салынат.

Окуу планынын ар бир дисциплинасы боюнча окуу курстарынын ОМК, окуучуларды даярдоонун жана тарбиялоонун сапатын камсыз кылуучу методикалык материалдар, программалар иштелип чыгат. Окуу жана педагогикалык практикаларды өткөрүү тиешелүү жоболор жана методикалык иштеп чыгуулар менен жөнгө салынат.

Мындан тышкары, окуу процессинин мазмуну жана уюштурулушу жылдык календардык окуу графиги, ошондой эле студенттин өз алдынча ишин, ошондой эле тиешелүү билим берүү технологияларын ишке ашырууну кошо алганда, ар кандай түрдөгү окуу сабактарын ишке ашырууну камсыз кылуучу методикалык колдонмолор менен регламенттелет

## 4.1 Компетенттүүлүккө багытталган окуу жана жумушчу планы

550700 Педагогика багытындагы "Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу " профили боюнча окуу планы окуу процессин жөнгө салуучу негизги документ болуп саналат. Компетенттүүлүккө багытталган окуу планынын түзүмү 1 – тиркемеде келтирилген.

Окуу планынын компетенттүүлүк - калыптандыруучу бөлүгү бүтүрүүчүнүн бардык милдеттүү компетенцияларын бардык окуу курстарын, предметтерди, дисциплиналарды, практикаларды ж. б. окутуунун убактылуу ырааттуулугу менен байланыштырат.

Окуу планынын дисциплинардык бөлүгү - бул окуу планынын салттуу түрдө колдонулган формасы. Анда компетенцияларды калыптандырууну камсыз кылган циклдерин жана бөлүмдөрүн өздөштүрүүнүн логикалык ырааттуулугу көрсөтүлөт. Дисциплиналардын, практикалардын жалпы эмгек сыйымдуулугу, ошондой эле сааттардагы жалпы жана өз алдынча сыйымдуулугу көрсөтүлөт.

Окуу планынын компетенттүүлүк - калыптандыруучу бөлүгү бүтүрүүчүнүн бардык милдеттүү компетенцияларын бардык окуу курстарын, предметтерди, дисциплиналарды практикаларды ж. б. окутуунун убактылуу ырааттуулугу менен байланыштырат.

Окуу циклдеринин базалык бөлүктөрүндө ЖКББ МББС талаптарына ылайык базалык дисциплиналардын тизмеси берилет. Окуу циклдеринин вариативдик бөлүктөрүндө ЖОЖ ЖКББ МББС ылайык келген сунуштарды эске алуу менен дисциплиналардын тизмесин жана ырааттуулугун өз алдынча түзөт.

Базалык окуу планында көрсөтүлгөн компетенциялардын калыптанышын камсыз кылган циклдерди, бөлүмдөрдү жана дисциплиналарды өздөштүрүүнүн логикалык ырааттуулугу көрсөтүлгөн. Мында дисциплиналардын жалпы эмгек сыйымдуулугу, окуу жана педагогикалык практика кредиттерде көрсөтүлгөн, ошондой эле сааттарда жалпы жана аудиториялык эмгек сыйымдуулугу көрсөтүлгөн.

Билим берүү программасы студенттердин тандоосу боюнча дисциплиналарды НББП бардык үч окуу цикли боюнча суммардык вариативдик бөлүктүн үчтөн биринен кем эмес көлөмүн камтууга тийиш. Студенттердин тандоо боюнча дисциплиналарды түзүүнүн тартибин ЖОЖдун окумуштуулар кеңеши белгилейт. Ар бир дисциплина үчүн окуу иштеринин түрлөрү жана аралык аттестациянын формалары көрсөтүлгөн.

Окуу планы методикалык көрсөтмөлөрдүн талаптарынын негизинде түзүлгөн. Базалык окуу планынын бардык бөлүмдөрү боюнча алар тарабынан түзүлгөн компетенциялар жазылган жана "билим берүү программасынын компетенцияларынын жана курамдык бөлүктөрүнүн шайкештик матрицасы" таблицасы 4 - тиркемеде берилген.

## 4.2 Жылдык календардык окуу графиги

550700 Педагогика багытындагы "Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу" профили боюнча окуу процессинин графигинде теориялык окутуунун, экзамендик сессиялардын, практикалардын, даярдоонун жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын жана бүтүрүүчү квалификациялык иштин корголушунун, ошондой эле магистранттардын каникулунун ырааттуулугу жана узактыгы белгиленген (6 –тиркеме).

ТалМУнун жана магистратуранын жобосуна ылайык окуу графигинин төмөнкү параметрлери белгиленген:

- окуу жылы майрамдарды кошкондо 1-сентябрдан 31-августка чейин созулат. Окуу

жылы эки семестрге бөлүнөт;

- күзгү семестр: теориялык окутуу жана практика, экзамен сессиясы, каникулдар;
- жазгы семестр: теориялык окутуу, практика жана жыйынтыктоочу аттестация, сынак сессиясы, жайкы каникул;
- ар бир семестрдин жыйынтыгы боюнча студенттерди аттестациялоо жүргүзүлөт.

Ар бир окуу жылынын эмгек сыйымдуулугу 60 зачеттук бирдик, ар бир семестрдин эмгек сыйымдуулугу 30 бирдик;

- практика учурундагы окуу жумасы студенттин нормативдик жүктөмүнө туура келет;
- төртүнчү семестрде мамлекеттик аттестациядан өтүү пландаштырылган.

НББП сында 120 кредит каралган.

550700 Педагогика багытындагы "Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу" профили боюнча окуу графиги типтүү окуу графиктеринин негизинде түзүлдү (6-тиркеме).

Билим берүү программасы окутуунун натыйжаларына жетишүүнү камсыз кылган практиканы уюштурууну карайт. Практика бөлүмү милдеттүү болуп саналат жана магистранттардын кесиптик-практикалык даярдыгына жана магистрдик диссертацияны жазуу боюнча түздөн-түз багытталган окуу сабактарынын бир түрү болуп саналат. Практикалар теориялык курстарды жана атайын дисциплиналарды өздөштүрүүнүн натыйжасында студенттердин алган билимдерин жана көндүмдөрүн бекемдейт, практикалык көндүмдөрдү иштеп чыгат жана студенттердин жалпы маданий жана кесиптик компетенцияларын комплекстүү калыптандырууга көмөктөшөт (7-тиркеме).

550700 Педагогика багытындагы “Башталгыч билим берүү усулу” профилиндеги НББПсында ЖКББ МБС ылайык практиканын төмөнкү түрлөрү каралган:

1. Башкаруучулук практика.
2. Илимий – педагогикалык практика.
3. Илимий – изилдөө практика.

**Практикалардын негизги максаты** - негизги компетенцияларды бекемдөө, окутулуп жаткан адистик боюнча практикалык көндүмдөрдү, кесиптик иш тажрыйбасын алуу, студенттин мугалим кесибине оң көз карашын калыптандыруу, окуу-тарбиялык жана класстан тышкаркы иштерди жүргүзүүдө иш жүзүндө маанилүү көндүмдөрдү жана көндүмдөрдү алуу жана өркүндөтүү, келечектеги мугалимдердин кесиптик сапаттарын жана инсандык психологиялык касиеттерин өнүктүрүү жана магистрдик диссертацияны жазууга даярдык болуп саналат.

Биринчи курстун экинчи семестрде башкаруучулук практика башталат жана ал окуу процессинин графигине сөзсүз киргизилет жана сабактардын расписаниесин түзүүдө эске алынат.

**Башкаруучулук практиканын негизги максаты:** билим берүү системасын башкаруунун теориялык негиздерин студенттердин билим өздөштүрүүсүн камсыз кылуу бирдиктүү билим берүү жараянынын логикасында илим катары камсыздоо.

Ошону менен бирге магистранттардын илимий - теориялык жана практикалык окутуунун ортосундагы тыгыз байланышты камсыз кылуу, аларга педагогикалык ишмердүүлүктүн баштапкы тажрыйбасын жана илимий жактан белгилүү психологиялык жана педагогикалык изилдөөлөрдүн көндүмдөрүн берүү.

Экинчи курстун үчүнчү семестринде илимий педагогикалык жана илимий изилдөө практикалары болот (8-тиркеме).

**Илимий - педагогикалык практиканын негизги максаты:** жогорку мектепте окутуунун кесиптик көндүмдөрүн жана педагогикалык чеберчиликтин негиздерине ээ болуу жөндөмдүүлүктөрүн, илимий-педагогикалык, окуу-тарбиялык жана окутуучулук ишмердүүлүктү өз алдынча жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү.

Экинчи курстун төртүнчү семестринде илимий изилдөө практикасы болот. Бул убакта теориялык сабактар токтотулат (9 – тиркеме).

**Илимий-изилдөө практиканын негизги максаты** - илимий-изилдөө иштерин өз алдынча жүргүзүүнүн практикалык көндүмдөрүнө ээ болуу жана магистрдик диссертацияны жазууга даярдануу (10 – тиркеме).

Өтүлгөн практикалар боюнча магистранттар отчет беришет. Отчеттордун берүү эрежелери жана тартиптери (8 - 9 - 10 – тиркемелерде) берилген. Ар бир өтүлгөн практиканын жыйынтыгы боюнча дифференцирленген баа коюлат.

Практикаларды өткөрүү үчүн университет тарабынан шарттар түзүлгөн, б.а. тиешелүү мекемелер менен келишимдерге кол коюлган (11 - тиркеме).

## 4.3. 550700 Педагогика багытындагы “Педагогика жана башталгыч билим берүү усулу” профилинин адистиктерин даярдоодогу окутулуучу дисциплиналардын аннотациялары

### 1. “ Илим жана билим берүүнүн заманбап проблемалары” дисциплинасына аннотация

**Дисциплина:** Илим жана билим берүүнүн заманбап проблемалары
**Код:** ЖИЦ. Б.1.1
- изилдөөнүн жаңы ыкмаларын өз алдынча өздөштүрүүгө жана колдонууга үйрөтүү;
- кесиптик ишмердүүлүктүн жаңы багыттарын өздөштүрүү.

**Дисциплинаны окутуунун натыйжалары:**
“Математиканын тандалма маселелери” дисциплинаны окуп үйрөнүүдө магистранттарда төмөнкү компетенциялар калыптандырылат: ЖИК-1, ЖИК-4, КК-18, КК-11, КК-10, КК-8, КК-2, СИЖМК-3, ИК-1, ИК-3.
**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларына талаптар:** бул дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант:
**билет:**
- мамлекеттик билим берүү стандартынын максаттарын жана милдеттерин, математиканын башталгыч мектеп курсунун мазмунун жана структурасынын өзгөчөлүктөрүн;
- башталгыч класстын бүтүрүүчүлөрүн математика боюнча даярдоо деңгээлине коюлган негизги талаптарын;
- математиканы окутуунун негизги каражаттарын; окуу китептерин, басма негизиндеги дептерлерди, кошумча тапшырмалардын жыйнактарын ж.б.;
-математиканы окутуунун усулдарын жана ыкмаларын;
- окуу процессин уюштуруунун негизги формаларын;
- башталгыч мектеп курагындагы балдардын математикалык өнүгүү концепциясынын психологиялык-дидактикалык негиздерин;
- математикалык ой жүгүртүү стилин максаттуу калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн жолдорун, ыкмаларын.
**колдоно билет:**
- абстракттуу ой жүгүртө алат;
- математикалык методдорду(анализ, синтез, салыштыруу, жалпылоо, конкреттештирүү, индукция, дедукция) өздөрүнүн ишмердүүлүктөрүндө колдоно алат.
**ээ болот:**
- кесиптик жана жеке өз алдынча билим алуу, андан аркы билим берүү багыттарын жана кесиптик карьераны долбоорлоо жөндөмдүүлүгүнө;
• билим берүү чөйрөсүн калыптандыруу жана инновациялык билим берүү саясатынын милдеттерин ишке ашырууда кесиптик билимдерди жана көндүмдөрдү колдонуу жөндөмдүүлүгүнө;
• негизги жалпы билим берүү программасынын алкагында окуу дисциплиналарынын программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө.
**Дисциплинанын мазмуну:**
Математиканын башталгыч курсунун алгоритмдик мазмуну. Башталгыч мектепте математиканы окутуу процессинде эсептөө компоненти. Кенже мектеп окуучуларында "сан" жана "цифраны" калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү. Туюнтмалар, теңдемелер түшүнүктөрүн калыптандыруу жана аларды чыгаруу жолдору. Математиканын башталгыч курсундагы "ылдамдык" жана "аралык" чоңдуктары. Геометриялык чоңдуктарды изилдөөдө абстракттуу элестетүүлөрдү калыптандыруу. Башталгыч мектепте окутулган чоңдуктар боюнча амалдарды жүргүзүү ыкмалары. Башталгыч мектепте функцияны окутуу методикасы. Текстүү маселелерди чыгаруу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу.

## 14. “Кенже мектеп окуучуларына тилди окутууда коммуникативдик ишмердүүлүк ыкмасын ишке ашыруу” дисциплинасынын аннотациясы

**Дисциплина:** Кенже мектеп окуучуларына тилди окутууда коммуникативдик ишмердүүлүк ыкмасын ишке ашыруу
**Код:** КЦ.В.03

**Кредит:** 2
**Семестр:** 3 семестр 2 курс.
**Отчеттуулугу:** экзамен
**Негизги билим берүү программасындагы дисциплинанын орду:** кесиптик цикл, тандоо бөлүмү.

**Дисциплинанын максаты** башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн калыптандыруучу (формативдик) баалоону колдонууда магистранттардын билимдерин кеңейтүү болуп саналат. Сабаттуулук – окуучу башталгыч мектепте калыптандырган эң маанилүү көндүм, себеби окуу, жазуу жана тил өз ара байланышта баланын өнүгүүсү үчүн негизги мааниге ээ.Сабаттуулуктун ушул негизги көндүмдөрүн натыйжалуу өнүктүрүүдө комплекстик мамилени колдонуу окуучуларга жаңы маалыматты жеңил чечмелөөгө, жаңы маалыматты өздөштүргөн билимдери менен бириктирүүгө жана көйгөйлөрдү чечүүдө жаңы идеяларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берген туруктуу таанып-билүү негизин түзөт.

**Дисциплинанын милдеттери:**

- үндүү жана үнсүз тыбыштарды жана тамгаларды айтуу жана айырмалоо. Сөздөрдөгү, муундардагы жумшак жана каткалаң үнсүздөрдү туура айта алуу аркылуу окуучулардын сабаттуулугун жогорулатууга даярдоо;
- окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн сапатын жакшыртуу боюнча балдар адабиятынын маанисин, классификациясын, предметтерди ингерациялап окутууда балдар адабиятын пайдалануу стратегияларын магистранттарга үйрөтүү менен практикада колдонуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;
- жөнөкөй сүйлөмдү түзүү үчүн өтүлгөн сөз түркүмдөрүнөн сөздү колдонуу. Өтүлгөн материалдан жаңы сөздөрдү кебинде туура колдонуу. Башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн баалоо;
- окуяларды тексттин мазмуну жана каармандардын жүрүм-туруму боюнча болжолдоп көрсөтүү;
- өтүлгөн жана жаңы материалды колдонуу менен сүйлөм, текст түзүү боюнча билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ кылуу аркылуу магистранттардын кесиптик компеттенттүүлүктөрүн өркүндөтүү.

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыктары:**
Дисциплинаны өздөштүргөндөн кийин төмөнкүдөй компетенциялар калыптанат: ЖИК-1, ЖИК-2, ЖИК-3, ИК-1, ИК-2, ИК-3, СИЖМК-1, КК-1, КК-2, КК-3.
**Күтүлүүчү жыйынтыктар:**Дисциплинаны өздөштүргөндөн кийин магистрант:
**билет:**

- окуу-тарбия процессинин сапатын камсыздоо үчүн азыркы методдор менен технологияларды, окуучунун жетишкендиктерин диагноздоочу методдорду колдонууга даяр;
- балдар адабияттарын окугандардын деңгээлдерине жараша тандоо менен, ар түрдүү предметтерди окутууда интеграциялайт;
- мектеп коомчулугун деңгээлинде инсан аралык жана кесиптик мамилелерди толеранттуу түзүүнү билет;
- балдарга жаш, жекече өзгөчөлүктөрүнө жана өзгөчө муктаждыктарына жараша таасир эте билет;
- педагогикалык иш аракетти өз кесиптештеринин жана социалдык топтордун таламдары менен шайкеш келтире билүү.

**колдоно билет:**

- өз алдынча сабакта колдонуу үчүн окуу куралдарын жана дидактикалык

материалдарды түзө алат;

- окуу процессинде окуу көндүмдөрүн жана компоненттерин колдоно алат;
- окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүнө, жөндөмдүүлүктөрүнө карата тапшырмаларды берүү аркылуу сабаттулукту жогорулата алат;
- түрдүү методдорду кырдаалга жараша ылайыктап колдоно билет;
- окуучуга керектүү маалыматты өз алдынча тапканга үйрөтө алат;
- окуу жана жазууда алдынкы педагогикалык тажрыйбаларды өзүнүн педагогикалык иш аракетинде колдоно алат;
- өзүнүн жетишкендиктерин жана кемчиликтерин сындоого, о.э. башкалардын жетишкендиктерин жана кемчиликтерин оңдоого, өнүктүрүүгө каражаттарды таба билүүнү жасай алат;
- түрдүү методдорду кырдаалга жараша ылайыктап колдоно билет;
- коюлган педагогикалык максатка туура келүүчү натыйжага жете билет.

**ээ болот:**

- окуучуларга түрдүү ишмердүүлүктө иштөө шартын түзүүгө жөндөмдүү;
- окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун түрдүү инструменттерин жана критерийлерин колдонууга жөндөмдүү;
- ар улуттагы окугандардын өзгөчөлүктөрүнө карабастан бирдей окутуу жана тарбиялоо ишинде окутуунун принциптерин жайылтууга жөндөмдүү;
- окуучуну тарбиялоодо, окутууда жана инсан катары өнүктүрүүдөгү педагогикалык маселелерди өз алдынча чече билүүгө жөндөмдүү.

**Дисциплинанын мазмуну:**

**Тема 1: Окуу техникасын баалоо . Окуу техникасын баалоо формасы.**

Окуунун негизги компоненттери. Баалоону жүргүзүү. Баалоонун критерийлери. Окуу техникасын баалоо формалары.

**Тема 2: Үн чыгарып окуу техникасын баалоо**

Баалоонун критерийлери. Окуу ылдамдыгынын ченеми. Окуунун туура жана көркөмдүүлүгүн баалоо критерийлери. Туура жана көркөм окуунун деңгээлин аныктоо. Көркөм окууну баалоо. Жыйынтыктоочу форма.

**Тема 3: Сөз байлыгын жана окуп түшүнүүсүн баалоо.**

Тексттеги алынып салынган (таштап кеткен) сөздөрдү көрсөтүү. Тесттеги калтырылган сөзгө чейинки жана калтырылган сөздөн кийинки сөздөрдүн грамматикалык түзүлүшүн анализдөө, контексттеги сөздөрдү туура таап жана грамматикалык жактан туура колдонуу менен бул маалыматты түшүнүү.

**Тема 4: «Калтырылган сөздөрдү табуу». «Чаташтырылган тест» .**

Жөнөкөй сүйлөмдү түзүү үчүн өтүлгөн сөз түркүмдөрүнөн сөздү колдонуу. Өтүлгөн материалдан жаңы сөздөрдү кебинде туура колдонуу. Окуяларды тексттин мазмуну жана каармандардын жүрүм-туруму боюнча болжолдоп көрсөтүү. Өтүлгөн жана жаңы материалды колдонуу менен сүйлөм, текст түзүү.

**Тема 5: Текстти окуп түшүнүүсүн баалоо .**

Окулуп чыккан текстти түшүнө билүү, жазуу кебин жакшы түшүнө билүү шыктуулугун айкындайт.

**Тема 6: Чыгарманын картасы . Түшүнүү картасы**

Чыгарманын картасы. Чыгарманын картасын колдонуунун кадамдары. Окуу жана окуп-түшүнүүнү баалоо критерийлери. Түшүнүү картасы. Сүрөттөө деген эмне? Сүрөттөө. Сапаттары. Сүрөттөө тексттин окуу жана түшүнүүнү баалоо критерийлери.

**Тема 7: Жазуу көндүмүн баалоо .**

Дил баян жазууда изилденүүчү объектти салыштыруу, байкалуучу обьектти карама-каршы коюю, кубулуштардын себептерин түшүндүрүү, өзүнүн пикирин билдирүү. Теманы толук ачуу, негизги ойду көрсөтүп жазууга үйрөтүү.

**Тема 8: Дил баян картасы**

Дил баян жазуунун картасы. Жазылган чыгарманы баалоо критерийлери.

## 15. "Заманбап технологиялар жана башталгыч математика боюнча сабактарды долбоорлоо" дисциплинасына аннотация

**Дисциплина:** Заманбап технологиялар жана башталгыч математика боюнча сабактарды долбоорлоо

**Код:** КЦ.В.04

**Дисциплинанын көлөмү: 6 кредит**

**Семестр жана окуу жылы:** 1 – семестр, 1 - курс

**Отчеттуулугу:** экзамен

**НББПнын түзүмүндөгү дисциплинанын орду:** кесиптик цикл, тандоо бөлүмү

**Дисциплинанын максаты:** башталгыч класстардын заманбап мугалими үчүн зарыл болгон кесиптик компетенттүүлүгүн түзүү башталгыч мектеп окуучулары үчүн математика окутууда заманбап технологияларды жигердүү пайдалануу.

**Дисциплинанын милдеттери:** коюлган милдет жаңы системалык-ишмердик билим берүү парадигмасына өтүүнү талап кылат, ал өз кезегинде жаңы стандартты ишке ашырган педагогдун ишмердүүлүгүндөгү принципиалдуу өзгөрүүлөргө байланыштуу. Ошондой эле окутуу технологиялары да өзгөрүүдө, маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ) киргизүү билим берүү мекемесинде ар бир предмет боюнча билим берүү алкагын кеңейтүүнүн олуттуу мүмкүнчүлүктөрүн ачат.

**Дисциплинаны окутуунун натыйжалары:**

"Заманбап технологиялар жана башталгыч математика боюнча сабактарды долбоорлоо " дисциплинаны окуп үйрөнүүдө магистранттарда төмөнкү компетенциялар калыптандырылат:

- расмий же мамлекеттик тилдерде илимий изилдөөлөрдү көрсөтүү үчүн оозеки жана жазуу жүзүндө сүйлөө боюнча өнүккөн көндүмдөргө ээ (ИК-1);
- ар кандай билим берүү уюмдарында ар кандай билим берүү деңгээлдеринде билим берүү процессин уюштуруунун жана ишке ашыруунун заманбап методикаларын жана технологияларын колдоно алат (ПК-2);
- көп маданияттуу чөйрөдө иштөөгө жана көп маданияттуу окутуунун жана тарбиялоонун принциптерин жана ыкмаларын ишке ашырууга, муундарына, маданиятына, жерине карабастан ар кандай топтор (кесиптештер, ата-энелер, өнөктөштөр ж. б.) менен өз ара аракеттенүүгө жана коюлган милдеттерди чечүү үчүн маалыматтык-коммуникациялык технологияларды жана ЖМКны колдонууга даяр (ПК-7);
- илимдин заманбап ыкмаларын колдонуу менен илимий изилдөөнү өз алдынча жүргүзүүгө даяр (ПК-11);
- ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбага таянып, билим берүү уюмун башкарууда

чечим кабыл алуунун жеке жана топтук технологияларын колдонууга даяр (ПК-17);

- билим берүүнүн сапатын контролдоонун формаларын жана методдорун, ошондой эле контролдук - өлчөө материалдарынын ар кандай түрлөрүн, анын ичинде маалыматтык технологиялардын негизинде долбоорлоого жөндөмдүү ( ПК-22).

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларына талаптар:**

Бул дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант:

**Билет:** ар кандай билим берүү уюмдарында билим берүү процессин уюштуруунун жана ишке ашыруунун заманбап ыкмалары жана технологияларын.

**колдоно билет:** билим берүү процессинин сапатын диагностикалоонун жана баалоонун заманбап технологияларын колдонуу, билим берүү чөйрөсүн түзө алат.

**ээ болот:** жогорку мектепте окутуунун теориялары жана методдору, педагогикалык изилдөөлөрдү уюштуруу ыкмалары, колдо болгон маалыматты өз алдынча талдоо, фундаменталдуу маалыматты өз алдынча талдоо, фундаменталдык көйгөйлөрдү аныктоо, милдеттерди коюу жана заманбап технологияларды колдонуу менен адистештирүү боюнча конкреттүү милдеттерди чечүүдө педагогикалык изилдөөлөрдү аткаруу жөндөмдүүгүнө ээ.

**Дисциплинанын мазмуну:** заманбап билим берүү технологиясынын теориялык негиздери. Билим берүү жараянына технологиялык мамиле. Башталгыч мектепте класстарда заманбап технологияларды окутуунун Классификация. Педагогикалык технологиянын негизги компоненттери. Проблемалык окутуу түшүнүгү. Проблемалык окутуунун дидактикалык негиздери. Проблемалык окутуунун маңызы. Проблемалык окутуунун негизги категориялары: проблемалык кырдаал, проблемалык маселе, проблема, проблемалык суроо. Мугалимдин иш-топтук технологияларды долбоорлоо. Студенттердин топтук иштин негизинде сабак берүүнүн өзгөчөлүктөрү. Дифференцияланган окутуу технологиялары. Инсанга багытталган окутуу технологиялары. Математика студенттерди окутууда оюн технологиясы. Иш-аракет мамиленин негизинде математика окутуу технологиясы. Окутуу жетишкендиктерин контролдоо, баалоо жана мониторинг жүргүзүү системасын ишке ашырууда жаңы маалыматтык технологиялар.

### 16. “Заманбап тил илиминин көйгөйлөрү” дисциплинасына аннотация

**Дисциплина:** Заманбап тил илиминин көйгөйлөрү

**Код:** КЦ.В.05

**Дисциплинанын көлөмү : 3 кредит**

**Семестр жана окуу жылы:** 3 – семестр, 2 - курс

**Отчеттуулугу:** экзамен

**НББПнын түзүмүндөгү дисциплинанын орду:** кесиптик цикл, тандоо бөлүмү

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты -** кесиптик компетенцияларды калыптандыруу, тил жөнүндөгү окуунун теориялык негиздерине, эң маанилүү түшүнүктөргө жана жалпы лингвистикалык илимдин аларга тиешелүү терминдеринде, ошондой эле негизги заманбап тил илиминин проблемалары.

**Дисциплинанын милдеттери:**

- тилдин негизги көйгөйлөрүн чечүүнү үйрөтөт;
- азыркы замандын негизги багыттарын көрсөтүү тилдин түзүлүшүн талдай билүү, эне тили жана чет тили системаларын үйрөтүү;
- базалык лингвистикалык түшүнүктөрдү, тил илиминин метатилин берүү;
- билим берүү жаатында алдыга коюлган изилдөө милдеттерин ишке ашыруунун негизги түрлөрүн жана формаларын көрсөтүү менен дүйнөдөгү тил картинасынын

негизги көйгөйлөрүн жана көп маданияттуу дүйнөдөгү азыркы тил саясатынын негиздерин берүү;
- тил илиминин илим катары түзүлүшүн, тилдин маңызын жана функцияларын, ошондой эле тил менен кептин, тилдин жана ой жүгүртүүнүн катышын үйрөтүү.

**Дисциплинаны окутуунун натыйжалары:**

"Заманбап тил илиминин көйгөйлөрү " дисциплинаны окуп үйрөнүүдө магистранттарда төмөнкү компетенциялар калыптандырылат: ЖИК-1, ЖИК-4, ЖИК-5, ИК-1, ИК-4, СИЖМК-2, СИЖМК-3, КК-7, КК-13, КК-17

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларына талаптар:**

Бул дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант:

**билет:**

- билим берүүдөгү изилдөө маселелерин коюу жана чечүү үчүн системалаштырылган теориялык жана практикалык билимдерди колдонууга даярдыгы менен-билим берүүдөгү изилдөө маселелерин коюунун жана чечүүнүн негизги ыкмаларын;
- азыркы замандын негизги багыттарын;
- тилдин негизги көйгөйлөрүн;
- тилдин түзүлүшүн талдай билүү. эне тили жана чет тили системаларын;
- базалык лингвистикалык түшүнүктөр, тил илиминин метатили;
- билим берүү жаатында алдыга коюлган изилдөө милдеттерин ишке ашыруунун негизги түрлөрүн жана формаларын билүү;
- дүйнөдөгү тил картинасынын негизги көйгөйлөрүн жана көп маданияттуу дүйнөдөгү азыркы тил саясатынын негиздерин билүү;
- тил илиминин илим катары түзүлүшүн, тилдин маңызын жана функцияларын, ошондой эле тил менен кептин, тилдин жана ой жүгүртүүнүн катышын билүү.

**колдоно билет:**

- бүтүндөй жана айрым тилдик деңгээлдер жөнүндө, фонетикалык система, грамматикалык түзүлүш, лексикалык курам, изилденүүчү тилдердин стилистикалык ресурстары жөнүндө, конкреттүү тилдин ченемдерине ылайык сөздөрдү конструкциялоо эрежелери жөнүндө билимдерди колдоно алат;
- лингвистикалык анализдин негизги методдорун колдоно алат.

**ээ болот:**

- билим берүү тармагында изилдөө маселелерин чечүү жана чечүү үчүн практикалык билимди системалаштыруу жана колдоно алат;
- азыркы коомдо үйрөнүлүп жаткан тилдердин өнүгүү тенденциялары жөнүндө билимге ээ болот;
- эне тилинин да, чет тилинин да тил системасынын түзүлүшүн талдай билүү жөндөмүнө;
- тилдин ар кандай деңгээлдериндеги (фонетикалык, морфемалык, лексикалык жана синтаксистик) тилдик бирдиктерди аныктоо, классификациялоо жана талдоо жөндөмүнө ээ.

**Дисциплинанын мазмуну:**

Тилдин табияты жана маңызы. Тилдин функциялары. Тил жана ой жүгүртүү. Тил жана сүйлөө. Сүйлөө иш-аракеттери. Тилдин келип чыгышы жана өнүгүшү. Тил белгиси. Тилдин тутуму жана түзүлүшү. Фонетика лингвистикалык дисциплина катары. Тыбыштарды классификациялоонун принциптери. Фонология. Фонема түшүнүгү. Лексикология доктрина катары тилдин лексикалык курамы. Тилдин грамматикалык системасын окутуу катары. Грамматика. Морфология. Сөздүн морфологиялык түзүлүшү. Синтаксис. Фразеологизмдер жана сүйлөмдөр. Тилдердин классификациясы. Тарых жана жазуу

теориясы. Сүрөттөр. Жазуу. Орфографиянын негизги принциптери. Тил жөнүндө билимдин Заманбап структурасы.. Негизги лингвистикалык багыттар. Азыркы тил илиминин методологиялык проблемалары.

## 17. “Окуучулардын тил жаатындагы жетишкендиктерин баалоо” дисциплинасына аннотация

**Дисциплина:** Окуучулардын тил жаатындагы жетишкендиктерин баалоо
**Код:** КЦ.В.06
**Дисциплинанын көлөмү: 2 кредит**
**Семестр жана окуу жылы:** 2 – семестр, 1 - курс
**Отчеттуулугу:** экзамен
**НББПнын түзүмүндөгү дисциплинанын орду:** кесиптик цикл, тандоо бөлүмү
**Дисциплинанын максаты:** студенттерде калыптануу технологиялык негиздери жөнүндө илимий билимдердин негизги системасы кыргыз тили жана адабияты сабактарында баалоо өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү, окуу процессинин көзөмөлдөө - жөнгө салуу компонентинин максаты билим берүү системасындагы негизги принциптердин спецификасын көрсөтүү.
**Дисциплинанын милдеттери:**

- заманбап психологиялык-педагогикалык адабияттарды изилдөө, ар кандай методдорду, түрлөрдү жана формаларды мүнөздөө;
- билимдердин түрлөрүнүн жана формаларынын критерийин баалоо критейин көндүмдөрүн калыптандыруу;
- окуучулардын окуу-таанып-билүү ишмердүүлүгүн контролдоонун жана баалоонун ролу жөнүндө түшүнүктөрдү кеңейтүү;
- билим критерийинин методдорун системалаштыруу.

**Дисциплинаны окутуунун натыйжалары:**
“Окуучулардын тил жаатындагы жетишкендиктерин баалоо “ дисциплинаны окуп үйрөнүүдө магистранттарда төмөнкү компетенциялар калыптандырылат:
**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларына талаптар:**
Бул дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант:
**билет:**

- өтүлгөн бардык сабактарында билимдерин, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин баалоо критерияларын;

**колдоно билет:**

- заманбап психологиялык-педагогикалык адабияттарды изилдей алат, ар кандай методдорду, түрлөрдү жана формаларды колдонгоно алат
- алган билимдерин практика жүзүндө колдоно алат.

**ээ болот:**

- билимдердин түрлөрүнүн жана формаларынын критерийлерин баалоо көндүмдөрүнө;
- окуучуларды тил жаатында баалоо жетишкендиктерин баалоо жөндөмдүктөрүнө ээ.
- окуучулардын окуу-таанып-билүү ишмердүүлүгүн контролдоонун жана баалоонун ролу жөнүндө түшүнүктөргө.

## 18. “Башталгыч класстын окуучуларын окууга үйрөтүүнүн методикасынын проблемалары” дисциплинасына аннотация

**Дисциплина:** Башталгыч класстын окуучуларын окууга үйрөтүүнүн методикасынын проблемалары

**Код:** КЦ.В.07

**Дисциплинанын көлөмү : 3 кредит**

**Семестр жана окуу жылы:** 3 – семестр, 2 - курс

**Отчеттуулугу:** экзамен

**НББПнын түзүмүндөгү дисциплинанын орду:** кесиптик цикл, тандоо бөлүмү

**Дисциплинанын максаты** окуу көндүмдөрүнө жана китеп окууга үйрөтүү методикасына өзгөртүүлөрдү киргизүү жаатында магистранттардын билимдерин кеңейтүү болуп саналат.

**Дисциплинанын милдеттери:**

- класста жана мектепте өзгөрүүлөрдү киргизүү менен кыймылдаткыч күч катары өз ролун таануу;
- окутуунун максаттарына ылайыктап сабактарды жана класстан тышкаркы иштерди пландаштыруу;
- окутуу тартибин инсанга багытталган негизде, активдүү окутуу ыкмаларына, натыйжалуу кайтарым байланышка жана калыптандыруучу баалоо ылайыктап өзгөртүү;
- кенже мектеп окуучуларына тилди окутууда колдонулган методдорго карата (салттуу жана жаңычыл) өзүнүн мамилесин аныктап, ошол калыптанган көз караштын негизинде өздүк окутуу практикасын жакшыртуунун жолдорун белгилөө;
- кенже мектеп окуучуларын сабатка үйрөтүүдө морфология, орфография, синтаксис, адабий окууну уюштурууларды аңдай билүү;
- башталгыч мектептер үчүн түзүлгөн окуу китеп, план, программалардын мазмунун жана түзүлүшүн үйрөнүү менен ага ылайыктуу окуу каражаттарын тандоо жана колдоно билүү;
- окуучулардын өз алдынча иштөөлөрүн уюштуруу, башкаруу жана анын жыйынтыктарын баалай билүү;
- кенже мектеп окуучуларына тилди окутууда окуучунун жетишкендиктерин баалоонун ыңгайлуу методдорун жана ыкмаларын тандай билүү;
- өз алдынча үйрөнүү жана өзүн-өзү баалоонун негизинде өздүк окутуу сапатын жогорулата алуу.

**Дисциплинаны окутуунун натыйжалары:**

“Башталгыч класстын окуучуларын окууга үйрөтүүнүн методикасынын проблемалары “ дисциплинаны окуп үйрөнүүдө магистранттарда төмөнкү компетенциялар калыптандырылат: Дисциплинаны өздөштүргөндөн кийин төмөнкүдөй компетенциялар калыптанат: ЖИК-1, ЖИК-2, ЖИК-3, ЖИК-4, ИК-1, ИК-4, ИК-1, ИК-2, СИЖМК-1, СИЖМК-2, СИЖМК-3, СИЖМК-4, КК-1, КК-2, КК-3, КК-4, КК-5.

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларына талаптар:**

Бул дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант:

**билет:**

- кыргыз тилинин грамматикасын жана орфографиясын башталгыч мектепте окутуунун технологиясын билет;
- окуу-тарбия процессинин сапатын камсыздоо үчүн азыркы методдор менен технологияларды, окуучунун жетишкендиктерин диагноздоочу методдорду колдонууга даяр;
- мектеп коомчулугун деңгээлинде инсан аралык жана кесиптик мамилелерди толеранттуу түзүүнү билет;
- балдарга жаш, жекече өзгөчөлүктөрүнө жана өзгөчө муктаждыктарына жараша таасир эте билет;
- өз алдынча сабакта колдонуу үчүн окуу куралдарын жана дидактикалык материалдарды түзө алат.

**колдоно билет:**

- түрдүү методдорду кырдаалга жараша ылайыктап колдоно билет;
- окуучуга керектүү маалыматты өз алдынча тапканга үйрөтө алат;
- өзүнүн жетишкендиктерин жана кемчиликтерин сындоого, о.э. башкалардын жетишкендиктерин жана кемчиликтерин оңдоого, өнүктүрүүгө каражаттарды таба билүүну жасай алат;
- түрдүү методдорду кырдаалга жараша ылайыктап колдоно билет; коюлган педагогикалык максатка туура келүүчү натыйжага жете билет.

**ээ болот:**

- окуучуларга түрдүү ишмердүүлүктө иштөө шартын түзө алат;
- окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун түрдүү инструменттерин жана критерийлерин колдоно алат ж.б.;
- ар улуттагы окугандардын өзгөчөлүктөрүнө карабастан бирдей окутуу жана тарбиялоо ишинде окутуунун принциптерин жайылтууга жөндөмдүү;
- окуучуну тарбиялоодо, окутууда жана инсан катары өнүктүрүүдөгү педагогикалык маселелерди өз алдынча чече билууге жөндөмдуу

**Дисциплинанын мазмуну:**

**1 – тема.** Башталгыч мектепте окуу көндүмдөрун калыптандырууда коммуникативдүү иштиктүү мамилени өркүндөтүү

**2 – тема. Тыбыштык кабыл алуу жана аны өнуктүрүүдөгү коммуникативдик методдор**

Кептин тыбыштарын таануу жөндөмдүүлүгү. Тыбыштык кабыл алуу деген эмне?Тыбыштардын графикалык белгилениши.Үндүү, үнсүз, жоон,ичке,жумшак каткалаң тыбыштарды айырмалоо, сөзгө басым коюу, тыбыштарды алып салуу жана кошуу.Тыбыштык кабыл алууну өнүктүрүү.

**Тема 3: Алфавит жана окуганга үйрөтүүнүн стратегиялары**

Алфавит менен таанышуу, Алфавит жана окуй алуу менен таанышуу стратегиялары, окуганга кантип үйрөтүү керек?Окуу формалары,Алфавитти билүү жана окуй алуу жөндөмүн баалоо.

**Тема 4: Башталгыч мектепте сөз байлыгын өстүрүүгө таасир этүүчү факторлор**

Сөз байлыгы, сөз байлыгын өстүрүүнүн булактары,активдүү сөз байлыгынын тематикалык топтору,сөз байлыгын өстүрүүгө таасир этүүчү факторлор, сөз байлыгын өстүрүүнүн ыкмалары,иллюстрациялык материалдар менен иштөө,сөз байлыгын өстүрүү үчүн адабияттарды, энциклопедияларды колдонуу.

**Тема 5: Шар окуу жана анын компоненттери стратегияларындагы коммуникативдүүлүк**

Шар окуу деген эмне? Шар окуунун компоненттери,тыныш белгилерге көңүл коюп окуу,окуучулардын өнүгүү деңгээлине ылайык текстерди, китептерди окуу, Шар окуу көндүмүн баалоо, Шар окуу көндүмүн үйрөтүү боюнча көнүгүүлөр.

**Тема 6: Окуганын түшунүүгө үйрөтүүнүн стратегияларын колдонууда окуучу менен мугалимдин коммуникативдүүлүк компеттенттүүлүгүн калыптандыруу**

Окуганын түшүнүү деген эмне? Окуганын түшүнүү көндүмдөрүнө үйрөтүүнүн стратегиялары. Маалыматтык тексттер менен иштөө жолдору. Окуганын түшүнүү көндүмдөрүн баалоо.

**Тема 7: Инсанга багытталган окутуу салттуу ыкмалардан сырткары чыккан окутуу**

Инсанга багытталган окутуунун принциптери, баалуулугу. Окутуу процессин окуучулардын жеке муктаждыктарына жараша ийкемдештирүү. Окутууну

дифференциациялоо. Инсанга багытталган окутууда класстагы тартип. Инсанга багытталган окутуу ыкмалары жана мисалдары.

**Тема 8: Калыптандыруучу (формативдик) баалоо**

Калыптандыруучу баалоо. Калыптандыруучу баалоонун компоненттери. Жеке окуп-үйрөнүү процессине окуучулардын активдүү катышуусу. Кайтарым байланыш. Сабакта калыптандыруучу баалоонун колдонуу. Калыптандыруучу баалоонун ыкмалары

**Тема 9: Шыктандыруу жана натыйжалуу кайтарым байланышты берүү ыкмалары**

Кайтарым байланыштын мааниси. Баалоо жана баяндоо түрүндөгү кайтарым байланыш.Окуучуларга натыйжалуу кайтарым байланыш берүү. Окутуу максаттарынын, күтүлүүчү натыйжалардын жана баяндоо түрүндөгү кайтарым байланыштын өз ара катышы. Оозеки жана жазуу түрүндөгү кайтарым байланыш.

**Тема 10: Кенже мектеп окуучулары үчүн окуу боюнча кошумча материалдарды классификациялоо**

Окумдуулук жана тексттерди классификациялоо. Тексттерди классификациялоонун маанилүүлүгү. Кыргыз Республикасындагы классификациялоо системасы.

## 19. “Кенже окуучулардын коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруу” дисциплинасына аннотация

**Дисциплина:** Кенже окуучулардын коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруу

**Код:** КЦ.В.08

**Дисциплинанын көлөмү : 3 кредит**

**Семестр жана окуу жылы:** 3 –семестр, 2 - курс

**Отчеттуулугу:** экзамен

**НББПнын түзүмүндөгү дисциплинанын орду:** кесиптик цикл, тандоо бөлүмү

**Дисциплинанын максаты:** студенттерди баалоо жана коммуникативдик компетенттүүлүктү өнүктүрүү көйгөйлөрү менен тааныштыруу, диагностиканын жана компетенттүүлүктү өркүндөтүүнүн негизги ыкмаларын жана методикалык ыкмаларын өздөштүрүү. Коомдук психология, практикалык коомдук психология ыкмалары, байланыш психологиясы: баалоо жана байланыш компетенттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн теориялык жана методологиялык негиздерин изилдөө.

**Дисциплинанын милдеттери:**

- дисциплинанын жалпы мүнөздөмөсүн берүү, анын илимий билим тутумундагы ордун жана ролун көрсөтүү;
- коммуникативдик компетенттүүлүктү баалоо жана өркүндөтүү маселелерин чечүүгө негизги ыкмалардын өзгөчөлүгүн көрсөтүү

**Дисциплинаны окутуунун натыйжалары:**

“Кенже окуучулардын коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруу “ дисциплинаны окуп үйрөнүүдө магистранттарда төмөнкү компетенциялар калыптандырылат: ЖИК-1,

ЖИК-2, ЖИК-3, ЖИК-4, ИК-1, ИК-4, ИК-1, ИК-2, СИЖМК-1, СИЖМК-2, СИЖМК-3, СИЖМК-4, КК-1, КК-2, КК-3, КК-4, КК-5.

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларына талаптар:**

Бул дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант:

**билет:**

- баалоо жана коммуникативдик компетенттүүлүктү өнүктүрүү көйгөйлөрүн;
- диагностиканын жана компетенттүүлүктү өркүндөтүүнүн негизги жана

методикалык ыкмаларын;
- дисциплинанын жалпы мүнөздөмөсүн, анын илимий билим тутумундагы ордун жана ролун;

**колдоно билет:** баалоо жана байланыш компетенттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн теориялык жана методологиялык негиздерин колдоно алат.

**ээ болот:** коммуникативдик компетенттүүлүктү баалоо жана өркүндөтүү маселелерин чечүүгө негизги ыкмалардын өзгөчөлүгүн колдонуу жөндөмдүүлүктөргө ээ.

**Дисциплинанын мазмуну:**

**1–тема. Киришүү.** Курстун максаттары. Негизги көйгөйлөр. Негизги түшүнүктөр. Компетенттүүлүк жана аткаруу. Компетенттүүлүк жана компетенция. Кесиптик, социалдык, инсандык жана коммуникативдик компетенттүүлүк.

**2–тема.** Коммуникативдик компетенттүүлүктүн табияты коммуникативдик компетенттүүлүктүн / компетентсиздиктин "табиятын" түшүнүү ыкмалары: жүрүм-турумдук, Персонологиялык, Когнитивдик, Когнитивдик жүрүм-турум (аракет теориясы).

**3–тема.** Коммуникативдик компетенттүүлүктүн компоненттери жана түзүлүшү: билим, көндүмдөр жана диспозициялар. Теориялык жана эмпирикалык моделдер. Спекулятивдик моделдер. "Редукционисттик" моделдер, (когнитивдик татаалдык). М.Аргайлдын эмпирикалык (критерийдик) модели. Компетенттүүлүктүн процесстик модели. Компетенттүүлүктүн деңгээл модели.

**4–тема.** Коммуникативдик компетенттүүлүктүн диагностикасы. Компетенттүүлүк ыкмасынын алкагында коммуникативдик компетенттүүлүктү баалоо. Коммуникативдик компетенттүүлүктү жалпы баалоо жана деңгээлдик (стратегия), компоненттик моделдердин негизинде баалоо. Окутуунун ажырагыс бөлүгү катары байланыш компетенттүүлүгүн баалоо. Кесиптик компетенттүүлүгүн комплекстүү баалоонун бир бөлүгү катары байланыш компетенттүүлүгүн баалоо.

**5–тема.** Коммуникативдик компетенттүүлүккө баа берүүнүн маалыматтык-методикалык камсыздоосу. Бланктык методикалар. Баалоо баракчалары. Байкоочу Тренинг.

**6–тема.** Коммуникативдик компетенттүүлүктү өнүктүрүү" табигый "өнүгүү. Коомдун коммуникативдик маданияты менен таанышуунун жүрүшүндө коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандыруу жана өнүктүрүү. Жетилүүнүн, тарбиялоонун, баштапкы социалдаштыруунун, билим берүүнүн жана экинчилик социалдаштыруунун, коммуникативдик компетенттүүлүктү өнүктүрүү процесстеринде адаптациялоонун ролу. Эксперименталдык окутуу. Схемалар жана моделдер. Циклдик модель Д. Колба жана анын туундулары. Альтернативдик моделдер.

**7–тема.** Коммуникативдик компетенттүүлүктү өркүндөтүү ыкмасы тренинг катары. Окутуу. Тренингдин натыйжалары. Эффекттердин көптүгү. Жүрүм-турумду өздөштүрүү. Эрежелер жүрүм-турумду башкаруу. "Эскертүүлөр". Жеке мамилелердин өзгөрүшү жана коммуникативдик компетенттүүлүк. Окутуунун компоненттери. Окуя. Чечмелөө. Негизги коммуникативдик көндүмдөрдү үйрөтүү. Интеграция борборлору (прототип, схема, система) тренингдердин адистештирилген түрлөрү.

**8–тема.** Коммуникативдик компетенттүүлүктү өркүндөтүүдө консультация берүү жана машыктыруу коммуникативдик компетенттүүлүктү өнүктүрүүдө жеке жана топтук консультация. Окутуу.

**9–тема.** Коммуникативдик компетенттүүлүктү өркүндөтүү процесстерин тренингден кийинки коштоо компаниялар аралык окутуу (билим берүү жана окутуу). Уюмдун консультациясы. Инструкторлорду даярдоо. Тренерлерди даярдоо. Мастер-класс. Окуу

борборлорунун жана өнүктүрүү борборлорунун ишин маалыматтык-методикалык камсыздоо жана коштоо.

## 20. “Педагогикалык дисциплиналар боюнча илимий-изилдөө иштери” дисциплинасына аннотация

**Дисциплина:** Педагогикалык дисциплиналар боюнча илимий-изилдөө иштери
**Код:** КЦ.В.09
**Дисциплинанын көлөмү: 2 кредит**
**Семестр жана окуу жылы:** 3 – семестр, 2 - курс
**Отчеттуулугу:** экзамен
**НББПнын түзүмүндөгү дисциплинанын орду:** кесиптик цикл, тандоо бөлүмү
**Дисциплинанын максаты:** магистрлерди окутуу процессинде алардын илимий-изилдөө иштерин аткаруу ыкмаларын жана көндүмдөрүн өздөштүрүүсү, алардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн, өз алдынчалыгын, окуудагы жана келечектеги ишмердүүлүктөгү демилгелерин өнүктүрүү аркылуу даярдоо деңгээлин жогорулатуу. Илимий ишти уюштуруу жана пландаштыруу жөндөмү, керектүү маалыматты издөөнү уюштуруу, ар кандай ыкмаларды колдонуу менен илимий чыгармачылык процессин башкарууну үйрөнүү.
**Дисциплинанын милдеттери:**
- магистранттарды окутуунун жана чыгармачыл эмгекке даярдоонун органикалык биримдигин ишке ашыруу:
- колдонмо, методикалык, издөө жана фундаменталдык илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- магистранттарды педагогикалык жана социалдык милдеттерди илимий чечүүгө тартуу;
- белгилүү проблемаларды таанып-билүүнүн жана иштеп чыгуунун алкагында муундардын улануучулугунун нугунда илимий мектептерди жана ЖОЖдогу багыттарды колдоо жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
- магистранттардын жеке чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өз алдынча ишке ашыруу үчүн өбөлгөлөрдү түзүү;
- магистранттын инсандыгын ар тараптан өнүктүрүүгө, анын объективдүү өзүн-өзү баалоосун калыптандырууга, чыгармачыл жамааттарда иштөө көндүмдөрүнө ээ болууга, уюштуруучулук ишке аралашууга көмөктөшүү;
- магистранттардын өз алдынча негизделген ой-пикирлерге жана тыянактарга жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү;
- магистранттардын бош убактысын сарамжалдуу пайдалануусуна көндүрүү.
- магистранттардын жеке чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү.

**Дисциплинаны окутуунун натыйжалары:**
“Педагогикалык дисциплиналар боюнча илимий-изилдөө иштер**и**“ дисциплинаны окуп үйрөнүүдө магистранттарда төмөнкү компетенциялар калыптандырылат: ОК-1, ОК-2, ОК-3, ИК-1, ИК-2, СЛК-1, СЛК-2, ПК 1, ПК 2, ПК 3, ПК 5, ПК 8, ПК 9, ПК 11, ПК 17, ПК 19, ПК 22, ПК 23.

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларына талаптар:**
Бул дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант:
**билет:**
- белгилүү бир илимий проблеманын өнүгүү тарыхын, анын ролун жана изилденип жаткан илимий багыттагы ордун;
- магистрант тарабынан изилденген илимий проблема боюнча конкреттүү билимдерди.

**колдоно билет:**

- магистрдик диссертацияга байланыштуу тигил же бул илимий чөйрөдөгү илимий изилдөөлөрдү, эксперименталдык иштерди иш жүзүндө жүзөгө ашыра алат;
- конкреттүү программалык продуктулар жана Интернеттин конкреттүү ресурстары ж. б. менен иштей алат.

**ээ болот:**

- билимдин бул тармактагы заманбап проблемаларды билүү жөндөмдүүлүгүнө;
- жаңы билимдерди жана көндүмдөрдү өз алдынча алуу жана пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө;
- өзүнүн жалпы маданий жана кесиптик деңгээлин өнүктүрүүгө жана изилдөөнүн жаңы методдорун өз алдынча өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүгүнө.

**Дисциплинанын мазмуну:**

**1 – тема. “Педагогикалык дисциплиналар боюнча илимий-изилдөө иши” курсуна киришүү.** Билим берүү система катары. Билим берүү процесс катары. Билим берүү процессинин технологиялуулугу. Билим берүү натыйжа катары. Билим берүү жеке жана социалдык баалуулук.

**2 – тема. Жогорку билим берүү системасын өнүктүрүү маселелери жана аларды чечүү боюнча илимий-изилдөө ролу.** Коомдук өнүгүү жана билим берүү системасын өнүктүрүү менен болгон мамилеси. Билим берүүнүн абалы, көйгөйлөр жана өнүгүү тенденциялары. Жогорку билим берүү системасын өнүктүрүү боюнча кризистик көрүнүштөр. Билим берүү проблемаларын чечүүдө илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн ролу.

**3 – тема. Изилдөөнүн негизги мүнөздөмөлөрү жана логикасы. Изилдөө темасын тандоо. Изилдөө объектиси жана предмети.** Изилдөө темасын тандоо. Изилдөө объектиси жана предмети. Изилдөө ишинин темасынын актуалдуулугу. "Объект" жана "изилдөө предмети" түшүнүктөрү, алардын окшоштуктары жана айырмачылыктары. Педагогикада мүмкүн болгон объектилер жана изилдөө предметтери.

**4 – тема. Изилдөөнүн максаты, милдеттери жана божомолу.**

Изилдөөнүн максатынын структурасы. Изилдөөнүн максаты, предмети менен божомолунун байланышы.

"Божомол"түшүнүгү, түрлөрү жана аны түзүүнүн шарттары. Божомолду түзүүгө талаптар: фактыларга дал келүүсү, жаңылыктын элементтеринин болушу, универсалдуулук, текшерилүүчүлүк, формулировканын жөнөкөйлүгү.

**5 – тема. Илимий-педагогикалык изилдөө методдорунун жалпы мүнөздөмөсү.**

Педагогикалык изилдөө методдорунун системасы жөнүндө жалпы түшүнүк. Изилдөө методдорунун классификациясы. Илимий-педагогикалык изилдөөнүн эмпирикалык методдорунун өзгөчөлүктөрү. Илимий-педагогикалык изилдөөнүн теориялык методдорунун мүнөздөмөсү. Педагогикалык изилдөө методдорунун системасы жөнүндө жалпы түшүнүк.

## 21. “Математикалык маселелерди чыгарууга окуп үйрөтүү процессинде универсалдуу окуу иш-аракеттерин калыптандыруу” дисциплинасына аннотация

**Дисциплина:** Математикалык маселелерди чыгарууга окуп үйрөтүү процессинде универсалдуу окуу иш-аракеттерин калыптандыруу

**Код:** КЦ.В.10

**Дисциплинанын көлөмү: 3 кредит**

**Семестр жана окуу жылы:** 3 – семестр, 2 - курс

**Отчеттуулук:** экзамен

**НББПнын түзүмүндөгү дисциплинанын орду:** кесиптик цикл, тандоо бөлүмү.

**Дисциплинанын максаты:** теориялык жана тажрыйбалык-эксперименталдык изилдөөлөрдүн негизинде текстүү маселелерди чыгарууда кенже мектеп окуучуларынын жалпы билим берүү иш-аракеттерин калыптандырууга өбөлгө иштин натыйжалуу түрлөрүн жана ыкмаларын аныктап, математика сабагында көйгөйлөрдү чечүүнү үйрөнүүдө компетенттүүлүктү "үйрөнүүгө үйрөтүү"нү камсыз кылган универсалдуу окуу иш-аракеттеринин жыйындысын түзүү.

**Дисциплинанын милдеттери:**

- математиканы окутууда кенже окуучулардын универсалдуу окуу иш-аракеттерин өнүктүрүүдө тексттик көйгөйлөрдүн ролун аныктоо;
- психоло-педагогикалык жана теориялык-методикалык негиздерин үйрөтүү;
- математика сабактарында маселелерди чыгарууда универсалдуу окуу иш-аракеттерин өнүктүрүүнүн жолдорун көрсөтүү;
- математика сабактарында тексттик маселелерди чечүү аркылуу кенже окуучулардын универсалдуу окуу иш-аракеттерин калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча сабактарды өткөрүүнүн методикасын иштеп чыгуу;
- текстүү маселелерди чыгаруу үчүн абстракттуу ой көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- математика сабактарында тексттик маселелерди чечүү процессинде кенже окуучулардын жалпы билим берүү иш-аракеттерин калыптандыруу.

**Дисциплинаны окутуунун натыйжалары:**

“Математикалык маселелерди чыгарууга окуп үйрөтүү процессинде универсалдуу окуу иш-аракеттерин калыптандыруу “ дисциплинаны окуп үйрөнүүдө магистранттарда төмөнкү компетенциялар калыптандырылат: ЖИК-2, ЖИК – 4, ИК-1, СИЖМК-1, КК-3, КК-5, КК-7, КК-10, КК-13, КК-17, КК-19, КК-21, КК-22

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларына талаптар:**

Бул дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант:

**билет:**

- мектепке чейинки жана башталгыч математика курсунун мазмунун жана өзгөчөлүктөрүн, максаттарын жана милдеттерин;
- башталгыч мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн математика боюнча даярдык деңгээлине коюлуучу негизги талаптарды;
- математиканы окутуунун негизги каражаттарын;
- математиканы окутуунун усулдарын жана ыкмаларын;
- окуу процессин уюштуруунун негизги формаларын;
- кенже мектеп жашындагы балдардын математикалык өнүгүү концепциясынын психологиялык - дидактикалык негиздерин.

**колдоно билет:**

- окутуу процессин пландоону (окуу материалын, окутуунун тиешелүү методдорун, каражаттарын жана формаларын тандоо);
- окутуунун мазмунун, методдорун жана каражаттарын сабактын дидактикалык, тарбиялык жана өнүктүрүү максаттарына пландаштырылган окутуунун натыйжаларына ылайык баш ийдирүүнү;
- математикалык мазмундагы класстан тышкаркы иштерди, ийримдик сабактарды өткөрүүнү.

**ээ болот:**

- кесиптик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга түрткү берүү жөндөмдүүлүгүнө;
- кенже мектеп жашындагы балдарды математиканы окутуу жана өнүктүрүү боюнча илимий-методикалык адабияттарды талдоо көндүмдөрүнө;

- ченемдик документтерди өзүнүн кесиптик ишине ылайыкташтыра билүү жөндөмдүүлүгүнө;
- коомдук жана кесиптик маселелерди чечүүдө теориялык билимди колдоно билүү жөндөмдүүлүгүнө;
- пландаштыруунун ар кандай түрлөрүн моделдештирүү көндүмдөрүнө, анын ичинде сабактын технологиялык картасы, математика боюнча класстан тышкаркы сабактарды;
- окуу автордук программасын тандап алууну, аны практикада ишке ашыруу жөндөмдүүлүгүнө ээ.

**Дисциплинанын мазмуну:**

Универсалдуу окуу иш-аракеттеринин түрлөрү. Жалпы билим берүү иш-милдеттери тексттик көйгөйлөрдүн математикалык модели. Математика сабактарында универсалдуу окуу иш-аракеттерин калыптандыруу. Математика сабактарында таанып-билүүчүлүк универсалдуу окуу иш-аракеттерин калыптандыруу. Математика сабактарында жөнгө салуучу универсалдуу окуу иш-аракеттерин калыптандыруу. Математика сабактарында коммуникативдик универсалдуу окуу иш-аракеттерин калыптандыруу. Түрлөрү жана иштин түрлөрү, математика сабактарында жалпы окуу иш-аракеттерин калыптандырууну ишке ашыруу. Математика сабагында универсалдуу окуу иш-аракеттерин калыптандыруунун натыйжалары.

## 22. “Кенже мектеп окуучуларына табигый-илимий билим берүү процессиндеги педагогикалык технологиялар” дисциплинасына аннотация

**Дисциплина:** Кенже мектеп окуучуларына табигый-илимий билим берүү процессиндеги педагогикалык технологияла**р.**

**Код:** КЦ.В.11.

**Дисциплинанын көлөмү: 2 кредит**

**Семестр жана окуу жылы:** 1 – семестр, 1 - курс

**Отчеттуулук:** экзамен

**НББПнын түзүмүндөгү дисциплинанын орду:** кесиптик цикл, тандоо бөлүмү.

**Дисциплинанын максаты:** башталгыч мектепте илимий билим берүү маселелеринде мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу.

**Дисциплинанын милдеттери:**

- ар кандай билим берүү уюмдарында ар кандай билим берүү деңгээлдеринде билим берүү процессин уюштуруунун жана ишке ашыруунун заманбап методикаларын жана технологияларын колдонууга үйрөтүү;

- илимдин заманбап методдорун колдонуу менен илимий изилдөөнү өз алдынча жүргүзүүгө көндүрүү;

- ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбага таянып, билим берүү уюмун башкарууда чечим кабыл алуунун жеке жана топтук технологияларын колдонууга калыптандыруу.

**Дисциплинаны окутуунун натыйжалары:**

“Кенже мектеп окуучуларына табигый-илимий билим берүү процессиндеги педагогикалык технологиялар “дисциплинаны окуп үйрөнүүдө магистранттарда төмөнкү компетенциялар калыптандырылат: ИК-3, ИК-4, СИЖМК-1, КК-11, КК-16, КК-22, КК-23, ЖИК – 3, ЖИК – 4, ЖИК – 5.

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларына талаптар:**

Бул дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант:

**билет:**

- жогорку мектепте окутуунун теорияларын жана методдорун, педагогикалык изилдөөлөрдү уюштуруу ыкмаларын;
- ар кандай билим берүү уюмдарында билим берүү процессин уюштуруунун жана ишке ашыруунун заманбап методикасынжана технологиясын.

**колдоно билет:** билим берүү процессинин сапатын диагностикалоонун жана баалоонун заманбап технологияларын колдонууну, билим берүү чөйрөсүн түзүүнү.

**ээ болот:**

- колдо болгон маалыматты өз алдынча талдоо, фундаменталдуу маалыматты өз алдынча талдоо, фундаменталдык көйгөйлөрдү аныктоо, милдеттерди коюу жана заманбап технологияларды колдонуу менен адистештирүү боюнча конкреттүү милдеттерди чечүүдө педагогикалык изилдөөлөрдү аткаруу жөндөмдүүлүктөргө ээ.

**Дисциплинанын мазмуну:**

Башталгыч мектепте табигый - илимий билим берүүнүн максаттары жана милдеттери.

Табигый илимий сабаттуулукту калыптандырууга багытталган окуучулардын окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн педагогикалык технологиялары.

Ар кандай ыкмалар аркылуу берилген маалыматтар менен иштөөнүн педагогикалык технологиялары. 1-класстан 4-класска чейин окуучулардын илимий-изилдөө жана долбоордук иш-аракеттерин уюштуруу. Башталгыч мектепте табигый - илимий тармагындагы билимдеринин предметтик жана мета предметтердин натыйжаларын баалоо. Ар кандай каражаттар менен берилген маалымат менен иштөө ыкмалары: сүрөттөө, салыштыруу, классификациялоо, талдоо, моделдөө, байкоо, өлчөө. Олуттуу жана маанилүү эмес бөлүп көрсөтүү, гипотезаларды түзүү, аларды талкуулоо ж.б. окуучулардын жашына жараша маалымат менен иштөө ыкмаларын өзгөртүү. Окуучулардын системалуу ой жүгүртүүсүн калыптандыруу.

## 4.4. Башкаруучулук, илимий – практикалык, илимий – изилдөөчүлүк практикалардын программаларынын аннотациялары

### Башкаруучулук практиканын программасына аннотация

**Практика:** башкаруучулук

**Код:** П.М.Б.3.1

**Практиканын көлөмү: 2 кредит**

**Семестр жана окуу жылы:** 2 – семестр, 1 - курс

**Отчеттуулугу:** экзамен

**НББПнын түзүмүндөгү практиканын орду:** практика жана илимий – изилдөө иштери.

**Прктиканын максаты:** билим берүү системасын башкаруунун теориялык негиздерин студенттердин билим өздөштүрүүсүн камсыз кылуу бирдиктүү билим берүү жараянынын логикасында илим катары камсыздоо.

**Практиканын милдеттери:**

**Практиканын окутуунун натыйжалары:**

дисциплинаны окуп үйрөнүүдө магистранттарда төмөнкү компетенциялар калыптандырылат: ИК-3, ИК-4, СИЖМК-1, КК-11, КК-16, КК-22, КК-23, ЖИК – 3, ЖИК – 4, ЖИК – 5.

**Практиканы өздөштүрүүнүн натыйжаларына талаптар:**

Бул дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант:
**билет:** педагогикалык тутумдарды башкаруунун негизги түшүнүктөрүн жана принциптерин; мектепти башкаруунун структуралык компоненттерин жана функцияларын; чет өлкөлөрдө мектепте билим берүүнү өнүктүрүүнүн негиздери**н.**
**колдоно билет:** коомдук башкаруунун белгилерин бөлүп көрсөтүү; мектепти башкаруу функцияларын жана инновациялык иш-аракеттерди пландаштыруу; дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүндө кесиптик даярдоо системасын талдоо.
**ээ болот:** билим берүү системасын башкаруунун мамлекеттик - коомдук мүнөзүнүн негизги түшүнүктөрүнө; мектепти башкаруунун система түзүүчү факторлоруна; өлкөдө жана чет өлкөлөрдө кесиптик билим берүүнү өнүктүрүүнүн салыштырма анализ жүргүзүүгө жөндөмдүү.
**Практиканын мазмуну:**
Билим берүү системаларын башкаруунун негизи. Билим берүү системасын башкаруунун мамлекеттик-коомдук мүнөзү. Башкаруу, мектеп ичиндеги башкаруу, мектеп ичиндеги башкаруу. Мамлекеттик башкаруунун негизги белгилери. Коомдук башкаруунун негизги белгилери. Педагогикалык тутумдарды башкаруунун принциптери: педагогикалык тутумдарды башкарууну демократиялаштыруу жана гумандаштыруу, башкаруудагы тутумдуулук жана бүтүндүк, борборлоштуруунун рационалдуу айкалышы, бирдиктүүлүктүн жана коллегиалдуулуктун биримдиги, педагогикалык системаларды башкаруудагы маалыматтын объективдүүлүгү жана толуктугу. Мектеп билим берүү системасы жана илимий башкаруу объектиси катары. Педагогикалык системанын система түзүүчү факторлору. Коомдук-педагогикалык жана педагогикалык системанын иштешинин убактылуу шарттары. Педагогикалык системанын структуралык компоненттери. Чет өлкөлөрдөгү мектеп тутумдары. Мектепти башкаруунун негизги функциялары: педагогикалык талдоо, пландаштыруу, уюштуруу, контролдоо. Педагогикалык маданиятын жогорулатуу боюнча бир себеби катары мектепте методикалык иш. Мектепте методикалык иштерди уюштуруунун негизги түрлөрү. Мугалимдин педагогикалык өзүн - өзү билим алуусу. Мектеп кызматкерлерин аттестациялоо. "Мектеп жетекчисинин башкаруу маданияты" түшүнүгү. Мектеп мектептин, үй-бүлөнүн жана коомчулуктун биргелешкен иш-аракеттерин уюштуруучу борбор катары. Педагогикалык ишмердүүлүктүн инновациялык багыты. Алдыңкы педагогикалык тажрыйба жана педагогикалык илимдин жетишкендиктерин киргизүү. Чет өлкөдө билим берүү системасы. Чет өлкөдө билим берүүнү өнүктүрүү. Дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүндө кесиптик - техникалык билим берүү системасы. АКШ жогорку мектеп өзгөрүүлөр, Англия, Италия, Германия, Япония. Батыш өлкөлөрүндө жана Японияда педагогикалык кадрларды даярдоо.

## 2. Илимий - педагогикалык практикасынын программасына аннотация

**Практика:** илимий - педагогикалык
**Код:** П.М.Б.3.2
**Практиканын көлөмү: 12 кредит**
**Семестр жана окуу жылы:** 3 – семестр, 2 - курс
**Отчеттуулугу:** экзамен
**НББПнын түзүмүндөгү практиканын орду:** практика жана илимий – изилдөө иштери.

**Практиканын максаты:** жогорку мектепте окутуунун кесиптик көндүмдөрүн жана педагогикалык чеберчиликтин негиздерине ээ болуу жөндөмдүүлүктөрүн, илимий-

педагогикалык, окуу-тарбиялык жана окутуучулук ишмердүүлүктү өз алдынча жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү.

**Практиканын милдеттери:**

- магистранттарды окутуучунун ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу жана педагогикалык функцияларды аткаруу көндүмдөрүн калыптандыруу;
- педагогика жаатындагы психологиялык-педагогикалык билимдерди бекемдөө жана маалыматтык материалды педагогикалык ишмердүүлүктө колдонуу максатында издөө жана чечмелөө үчүн илимдин заманбап инструментарийине ээ болгон педагог-изилдөөчүнүн көндүмдөрүнө ээ болуу;
- магистрант илимий-педагогикалык практикадан өтүп жаткан окуу дисциплинасы боюнча окутууда алган теориялык билимдерин тереңдетүү жана бекемдөө;
- окуу материалдарын даярдоо жана аларды сабактарды өткөрүүдө колдонуу көндүмдөрүнө ээ болуу;
